
Амина Мамытбекова

# Нөлдөн башталган миллион





## Акылыңды жандыр

Мотивация берүүчү китеп

АМИНА МАМЫТБЕКОВА

# НӨЛДӨН БАШТАЛГАН МИЛЛИОН




КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 6587

## АКЫЛЫҢДЫ ЖАНДЫР

МОТИВАЦИЯ БЕРҮҮЧҮ КИТЕП

УДК 316.31.4
ББК 60.55
М 22

Мамытбекова А.

М 22 НӨЛДӨН БАШТАЛГАН МИЛЛИОН: АКЫЛЫҢДЫ ЖАНДЫР мотивация берүүчү китеп - Б.:2018. - 160 б.

ISBN 978-9967-9094-7-2

Кыргыз жаштары үчүн арналган китеп. Негизги максаты жаштарга багыт берүү. Өз алдынча эмгек кылууга үндөө. Анткени, кээ бир адамдар башкалардан жардам күтүшөт, убактыларын пайдасыз иштерге коротушат. Өзүлөрүнүн каталары үчүн башкаларды күнөөлөшөт. Автордун ою боюнча, «өзүңдү өзүң гана жарата аласың». Колуңдагы бар байлык – бул өзүң. Максаттарыңа жетүү үчүн, өзүңдү өнүктүр, алдыга умтул. Өзүңдүн күчтүү сапаттарыңды өзүңдөн изде. Башкалардын терс ойлорун укпа, «ушул мага керек» деп эсептегендериңди жаса.

М 0302030000-18
ISBN 978-9967-9094-7-2
УДК 316.31.4
ББК 60.55
© Мамытбекова А., 2018

# Мазмуну

Кириш сөз ....................................................................................5

НӨЛДӨН БАШТАЛГАН МИЛЛИОН

Кыялдарга карай алгачкы кадамдар ....................................7
Кечиримдүүлүк – күчтүүлөрдүн сапаты ..............................34
Чет өлкөгө кетүү ........................................................................40
Асейин билим алууну чечет........................................................46
Мекенди сагынуу ........................................................................52
Баягы эле калпычы атаандаштар ..............................................56
Билим. Эмгек. Анализ ..................................................................62
Ийгиликти өзүң гана жаратасың! ...............................................66
Сенин мээңдеги рамкалар ..........................................................70
Ийгилик жаратkандан кийин жылдыз оорусу менен ооруба.......................................................................76
Ата-эне – ыйык.............................................................................82
Тойго даярдык ..............................................................................86
"Кош келдиң, СҮЙҮҮ, чын эле сен келдиңби?" ........................90
"Коделектен" Mr. Asein (Эйсейнге) айлануу .............................98
Көрө албастык бардык жерде бар...............................................106
Чоң ийгиликти багынтам десең, чоң тоскоолдуктарга даяр бол ...........................................................................................112
Документтерди ирээттеп, ордуна кой .......................................116
Эң чоң жоготуу..............................................................................120
Москвага кайра кайтуу ...............................................................123
Малайзияга сапар.........................................................................126
Mr. Asein кайрылып келди...........................................................128
Коделек Асейинди чанган Индира .............................................132
Канадага болгон бизнес сапар ...................................................134
Дүйнө тескери дагы айланат.......................................................136
"Эки тоо көрүшпөйт"......................................................................138
Жер тоголок эмес ..........................................................................142
Түркия элестери ............................................................................145
Стамбулду тыңшоо .......................................................................147
Орундалбаган кыялдар ................................................................148

Автор жөнүндө ..............................................................................156

# Кириш сөз

Мен, автор - Амина Мамытбекова, бул китепти жазганда эч кандай чектөөлөрсүз, китеп жазуунун стандартынан (нормасынан) чыгып жаздым.

Бул кандайдыр бир калыптарга сыйбай турган,
стандартка жатпаган,
адамга дем бере турган китеп.

Китеп жазуу стандарты боюнча:

1. Колдонулган тамгалардын көлөмү 12 болсо, мен 14 көлөмүн колдондум.

2. Китепте негизинен бош актай барак калтырылбайт, а мен атайын калтырдым.

3. Көп адам ойлойт:"Ойлонуп көрөрүн айтты" ушундай жана башка сүйлөмдөрдө эки жолу "ө" тамгасын жазыш керек деп, бул туура эмес, айтканда эки "ө" тамгасы угулганы менен, эреже боюнча бир гана тамга жазылышы керек.

4. Китепте сүрөт аркылуу чагылдырылган белгилер колдонулбайт, мен колдондум.

Манжасы көктү караган колдун сүрөтү төмөнкүлөрдү түшүндүрөт:

- Кудай бир!
- Көңүл бур!
- Жогоруга умтул!
- Төмөн түшпө!
- Беш манжа бир иштейт! - деген эскертүүлөр менен тыянак чыгаруу үчүн колдонулду.

4. Китепти жазып жатканда өтө эле кооздоп, ашыкча сүрөттөп жибербейин деп чечтим, анткени азыр адамдар бир нерсени окуп жатып, батыраак бүтүргөнгө шашышат.

5. Ар бир окурманга жеткиликтүү жана түшүнүктүү болушу үчүн жөнөкөй, жалпак тилде жазганга аракет кылдым. Китептин көлөмү чакан түзүлдү.

6. Менин эң биринчи максатым - 14 жылда топтой алган тажрыйба жана турмуштан алган сабактарым менен бөлүшүү.

7. Ошондой эле интернет баракчама келген суроолорго жооп берүү болуп саналат.

Биздин берейин деген оюбуз : "Включай мозги" - акылыңды жандыр.

**Анда эмесе мага да, Сизге да АК ЖОЛ!**

# НӨЛДӨН БАШТАЛГАН МИЛЛИОН

## Кыялдарга карай алгачкы кадамдар

Күндөгүдөй эле бүгүн да Асейин маанайы суз келди. Анткени, боюнун кыскалыгынан классташ-теңтуштары аны “коделек” деп шылдыңдашчу. Асейиндин бою кыска, жүзү тегерек, бир аз толугураак кара тору жигит. Сакадай боюнан улам кез-кезде убайым чегип, адамдардын шылдыңынан көңүлү чөгө турган. Мектепти бүтөөрү менен шаарга кетүүнү чечкен Асейин жылдын аягын чыдамсыздык менен күтүп жүрдү.

Күндөр өтө берди. Көптөн күткөн күн келип мектепти бүтөөр убакыт да келип жетти. Айылдан тажаган Асейин шаарга кетүүнү аябай самап жүргөн.

Атестатты кучактап, өзүнө керектүү оокатын алып, ата-энеси менен шаша коштошуп, Асейин борборду көздөй жөнөдү. Таксиге отурар замат ал толкунданып баштады. Таксиде андан бөлөк жүргүнчүлөр да бар болчу. Жолмо-жол ал өзүнүн жаркын келечегин элестетип келе жатты. Ойлогон оюна ушунчалык берилип, катуу ойногон музыканы дагы, энесинин кучагында чыңырган баланын ачуу ыйын дагы, деги эле эч нерсени байкаган жок. Кан жолду жиреген унаа өрөөндүн ортосунан сызып, Асейиндин кыялдарына карай жүрүп баратты.

Жети-сегиз саат кантип өтүп кеткенин такыр байкаган жок. Ушинтип олтуруп борборго да кирип келди. Асейиндин оюнда жалаң гана жаркын келечек, бактылуу жашоого узаган даңгыр жол элестелип, ишеним

курчаган "кыйратам, мен сөзсүз кыйратам!" - деген ойлор бийлеп турду.

Ал таежесинин үйүнө келип конду. Жупуну үйдө, анча деле бай эместей, андай деле бактылуу эмес турмуш кечирген беш киши жашайт: таежеси, анын уулу жана үч небереси. Биринчи күнү кантсе да конок эмесpi, Асейинди жылуу кабыл алышты. Алардын:

- ✓ шаардагы тарбиясы,
- ✓ баскан-турганы,
- ✓ кулк-мүнөзү,
- ✓ өзүн алып жүрүүсү,
- ✓ жадакалса сүйлөгөн сөздөрү - ага такыр жат учурады.

Бирок көп нерсени көңүл жаздымына калтырып, ой-санаасы баягы эле кыялдарга чөмүлүп турду.

Кеч кирди. Асейинге төшөк салып беришти:

- Азырынча ушул жерде жата тур, эртең сага башка орун жасап беребиз. Эми биздин башыбызга түштүң, өзүбүз араң жашап жүргөндө - деп К. аттуу небереси кагып сүйлөп, эшикти катуу жаап чыгып кетти.

Мындай мамилени көңүлгө албоого аракет кылып, өзүнүн жакшы маанайын бузбай, Асейин оюндагы жашоого сүңгүп, чоң-чоң пландарды түзүп, жапжарык жолдорду, бийиктикти элестетип жатты.

Анын кыялында баары тегиз, сонун боло тургандай, кош көңүл шаардыктар Асейинди гана күтүп тургандай ойлоду.

Анын биринчи максаты жогорку окуу жайга тапшыруу жана кошумча жакшы жумуш таап, чыныгы достор менен достошуу эле. “Баары керемет болот, дагы бир жолу айтам, керемет болот!” - деди ал шыбырап.

Бүгүн ишемби болгондуктан, эртеңки жекшемби күндүн планын түздү. Таежеме айтып, шаарда сейилдеп, кооз жерлерин көрүп эртерээк өздөштүрө берейин, эптеп шаарга келдим, эми эч качан айылга кетпейм деген чечим чыгарды.

Эртең менен таежеси экөө аялдамадан троллейбус күтүштү. Бүгүн уктап эс алууну жана сериалдарын көрүп бүтүрүүнү пландаган таежеси Асейиндин сөзүн укканда ичинен кыжырланып, “Канткен менен конок да, айылдан келип олтурат”- деп ойломуш этип, сыртынан жылмайганы менен ичинен ачуусу келип турду. Алар жакшы кийимдерин кийип алышып, сыртка чыгышты.. Аялдамада катарлаш тизилип турушту. Ал жерде да ар кандай адамдар турган: бирөөсү узун, экинчиси семиз, башкасы өзгөчө кийинген, төртүнчүсү телефонду кармап олтуруп, анын ичине кирип кеткен... деги койчу, түшүнүксүз адамдар. Асейин мындайды өз айылында такыр көргөн эмес.

Эң жаманы алар жылмайбайт, адам менен иши жок, кабагына кар жааган немелер эле. Биринчи келген троллейбуска түшүштү. Буга чейин ал айылда автобуска гана түшкөн. Троллейбуска такыр түшпөгөндүктөн, ичин башкача сезимдер каптады. “Бул кантип жүрүп баратат, ыя? Алдагы эки зым үзүлүп кетпейби, ток уруп

салбаса экен, свет өчсө эмне болот?” деген суроолор мээсин жеп, таежесинен сурагандан уялып, унаанын күрүлдөгөн добушун тыңшап, жол улап кете беришти. Ал аңгыча троллейбуска шымынын тизеси ит талагандай болуп жыртылган, чачы короздун куйругундай болуп түрмөктөлүп, жашылга боелуп мурду менен чекесине сөйкө илинип, оозу көмүрдөй капкара боелгон башкача кыз түштү. Анын жанында тоонун ташындай болгон кулакчаны (наушник) тагынып, ойсоңдоп бийлеген жигит турду. “Ой тобо, ушундай дагы адамдар болот турбайбы?! Ушинтип жүргөндөн уялышпайбы? Мына сага шаар" - деп Асейин таң калды..

"Мындайды сыналгыдан гана көрчү эмес белем”- деди ичинен. Ушундай ойлорду тарс кесе, таежеси келип калышканын айтып, түшүүгө камынышты.

Таежесинин аты Улара, бирок ал ага Уля эже деп кайрылчу. Ал экөө аялдамадан түшүп, алгач ЦУМду кыдырып, андан ары “Ала-Тоо” аянтын, Манас Атанын, Чыңгыз Айтматовдун айкелине суктанып басып жүрдү. Ала-Тоо аянтында сүрөт тарткан сүрөтчүлөр, фонтан, жерде өскөн кооз жасалгалуу гүлдөр, Кыргызстандын байрагын кайтарган эки аскер, жана башка көп нерсе Асейинге өзгөчө таасир калтырды. Уля таежеси ары-бери басып пахта кант сатып жүргөн аялды токтотуп, ага пахта кант сатып берди. Дагы бир сааттай сейилдеп жүрүштү. Ошентип, шаардагы алгачкы сейил аяктады.

Шаарга билим алуу үчүн келген Асейин эки университетке тапшырат. Бир нече күндөн кийин Асейиндин сынактан кулап калгандыгы жөнүндө кабар келет.

Мындайды уккан Асейин абдан жаман акыбалда болот. Себеби анын бирден бир максаты ЖОЖго тапшыруу эле. Көпкө чейин Асейиндин маанайы чөгүп жүрдү.

Буга карабай ал айылга кайра кеткиси келбейт. Көчө шыпырсам дагы шаарда калам деп көшөрөт.

"Мен кайра эле баягы шылдың сөздөрдү уккум келбейт, өлсөм дагы шаарда калам" деп чечим чыгарат.

Ал кийин гана эң кыйын жолду тандап алганын сезет.

“Бул күндөр да өтөт, мындан ары мени эч ким Коделек деп айтпайт” деп өзүнө-өзү дем берип, алдыга карай аттанат.

Бир эмес эки жумушта иштесе да жашоосун жакшыртууну ойлогон Асейин айылдагы жоро-жолдошторунун Коделек деген шылдыңынан көңүлү сууп, заарканып, жүрөкзаада болуп турду.

Биринчи жумушун гезит аркылуу табат, таңга маал базарда жүк ташыгыч, кечинде тигүү цехинде кийим үтүктөгүч болуп иштейт. Жумуш табуунун кыйын экендигин сезген жигит, эки жумушун тең чын дили менен аткарганга аракет кылат. Алгач аз айлык акы алса деле көңүл-көөдөнү менен кубанып, ыраазы болуп жүрөт. Айылдагы адамдар кемсинткендей эле шаардагы туугандары да кемсинткен сөздөрүн айтып жүрүшөт, бирок алар менен чогу жашоого аргасыз болгондугу үчүн буга көңүл бурбаганга аракет кылат. Асейиндин эң негизги максаты шаарда өзүн-өзү өнүктүрүү, татыктуу билим алуу эле. Анча-мынча сөз, керек эмес ушактар, жаман шарттар анын башын көп оорутчу эмес. Анткени, ал мындайга көңүл бурбоону чечкен. Кемсинтип, шылдыңдап айтылган сөздөн улам ал көп убакытка чейин кейип, маанайы чөгүп жүрдү. Жадакалса бул үйдө калгысы келбей, ал тургай чөнтөгүндөгү сокур тыйыны менен көчөдө түнөп, ишканада жатууга уруксат сурап жүрдү. Кээ бир учурларда айылга кайра кеткиси келчү, бирок баягы эле көр турмуш күтүп турганын ойлоп, айылга кетсе "коделек" деген сыяктуу келекелөөлөр кайрадан башталарын ал билет.

Мындай ачуу сөздөр ар бир адамдын:

- ✓ өзүнө болгон ишенимин;
- ✓ өзүн-өзү баалай билген сапатын жок кылат.

Асейин анча деле көп акча тапчу эмес, бирок тапкан акчасы өзүнө жетишерлик болчу.

Эң башкысы ал өзүн жакшы жактан көрсөтө алды.

Жалпы жамаат жана цехтин кожоюну Асейинди кесиптеш катары баалашчу. Жумуш күндөрү өзүнүн нугунда өтө берди.

Аябай чарчаңкы тартып, уйкусурап жүргөн ошондой күндөрдүн биринде майда нерсенин айынан кесиптештери менен тартыша кетет. Ортодо бири-бирине болгон суук мамиле пайда болот. Өзүнүн жумушун кадимкидей эле аткарып жүргөн Асейин кыйналат.

1. Кыйраткан акча жок;
2. Жумушта жылуу чөйрө жок;
3. Асейин өзүн-өзү керексиз сезип калат;
4. "Мени бул жерде эч ким жактырбай калды, бирөө жарым айдап салганча, өзүм эле билип кете берейин" деп ызалана жумуштан чыгып кетет.

Ал ошентип жумушун таштап салат. "Эми кайра келбейм" деп айтып коюуга да жарабайт. Үйгө бир-эки күн эс алат. Ошол кезде бир аз топтогон акчасына керт башынын жанын багып жашайт.

Бир жуманын ичинде топтолгон акчаны коротуп бүтүрөт. Башка жерлерден жумуш издейт.

Ош базарга барат, гезиттен издейт, ар кандай ишканаларга барып жумуш сурайт, бирок эч чыкпайт.

Көптөн бери чөнтөгүндө акчасы жок болгондуктан, ал үйдөн гана нан-чай ичип, автобуска отурбай жөө басып калган болчу. Мындай учурду Асейин башынан

өткөрүп көргөн эмес, ал абдан кыйналып, жегенге тамак, урунарга жер таппайт.

Көчөдө жөө басып жүрүп чарчайт. Курсагы абдан ачкан Асейин жанындагы дүкөндөн бир нан менен каймак уурдап чыгыт. Четирээк басып бир үйдүн артына олтурат да, уурдап чыккан нан менен каймакты шаша-буша жейт. "Кыңыр иш кырк жылда да билинет" дегендей, бул жосуну камерага тартылып, тез эле ачыкка чыгып калат. Айыл-апага жетпесе экен, туугандарым укпаса экен деп кабатыр болгону менен таежесинин кулагына жетет. Ансыз деле жарытарлык жылуусу жок тутунгандары аны теше тиктеп, ар кадамында "Сен уурусуң да! Бетпактыгын мунун!" деп какшатып аткандай сезчү.

Эс алуу күндөрүнүн биринде эмне иш кыларын билбей, паркта сейилдеп жүргөндө айылдашы Нурболотко жолугат. Башкаларга караганда анча деле кемсинтип, тийишпегени менен өтө деле жакын эмес болчу. Көптөн бери көрүшпөй, айылда жашап өскөн курдашын көрүп кубанып, көпкө чейин өткөн-кеткенди кеп кылып отурушту:

- Окууга өтпөй калып, тигүү цехинде иштеп жүргөм. Азыр ал жерде да иштебей калдым. Айылды сагынган менен кетүүгө болбойт. Баарын суктанткан келечек кургум келет өзүмө.

- Уктук окууга өтпөй калганыңды. Ата-энеңдин жанына эле барбайт белең? Шаарда эле сени жыргаткан жашоо күтүп турган бекен? – деди Нурболот кекетип. Бирок Асейин муну көп деле көңүлүнө алган жок.

Көп узабай Асейин кайра эски жумушуна кайтып келет. Цехтин жумушун жакшы билген Асейин анча деле кыйналбайт.

Убакыт өтө берди. Нурболот менен чын дилден достошуп, ага колунан келген жакшылыгын аябай жүрдү. Күндөр айга алмашты, айлар жылга алмашты.

Көк беттик, өжөрлүк менен "дарак бир жерден көгөрөт" дегендей, ал тигүү цехинде күнү-түнү ак эмгек, маңдай тери менен эмгектенип, ишинин эң мыктысы, шефинин оң колу болууга жетишет. “Баштаган ишиңди аягына чыгарып, анын жемишин же” деген сөздү туу тутат.

Ити чөп жеп, кадамы арыштап калганда билим алууну чечип, окууга тапшырып, ийгиликтүү өтөт.

Башка мүмкүнчүлүктөр ачыла баштайт. Бул тармактагы чоң бизнесмендер келип жумуш сунушташат. Атаандаштары да көбөйө баштайт.

Бул аралыкта окуу менен жумушту тең алып кете албасын сезип, окуусун сырттан улантат.

Күндөрдүн биринде чоң көлөмдөгү тапшырык (заказ) алды. Бирок сапаты начар кездеме менен товардын саны кем болуп чыгат, ошол себептен Асейин шефинен сөгүш жейт. Мындан улам анын иштери артка кетип, шефи менен олуттуу чыр башталат.

Өзүн актап отурбастан, мурда сунушталган башка ишке жөнөп кетет. Жаңы жумушундагы жетекчилик ага тоодой жакшылыктарды, убадаларды берип, тил эмизип гана күн өткөрүп жүрдү. Убадаланган жогорку айлык акысы берилмек тургай, канча убакыт өтсө да анын жарымын дагы ала албай жүрдү. Өзүнүн наадандыгынан улам дайынсыз кишилерге илээшип, өзүнүн атынан товар ала коюуга белсенип, чоң акчага алданып, жай турмушуна бүлүк салып алганын кечирээк сезди.

Ошентип, иши жүрүшпөй, ити чөп жебей калганда жалгыз гана жакыным деп эсептеген Нурболоттон жардам сураганды ойлонуп, досунун жакшылыгынан үмүт кылат.

Турмуш деген ушундай татаал жол. Асейин карыз алууга "жакын досум" деп ишенген Нурболотко чалып, болгон-бүткөн абалын айтып жардам сурайт. Иши бар экендигин, колу бошобой жаткандыгын айтып, шашып өчүрүп коет. Асейин жакшы күндөрдө колдоп-коштоп, керек кезде жеген-ичкенинен, батиринин акчасына чейин төлөп жүргөн досунун минтип ара жолдо калтырып кеткендигине өкүнүп, мындай саткындык көөдөнүнө канжардай сайылып, жүрөгүн өйүп турду.

Акыры айла таппай калганда таежесинен акча суроого аргасыз болот. Үйүнө келсе үй бек. Аргасыздан таежесине телефон чалат.

Таежеси: “Алло, эмне деп айтайын дедиң эле? Көчөдө калып, селсаяк (бомж) болуп кете электе айылга жөнөп кет”, - деп заар үнү менен кыйкырып, телефонун өчүрүп салат.

Көп мезгилдерден бери сүйлөшпөй, өз уулуна таарынып жүргөн айылдагы ата-энесине чалуудан тартынып, батына албайт. Адамзат жашоосунда ата-эненин, дос-туугандын колдоосу аябай маанилүү жана орду чоң эмеспи. Кыялындагы жеткиликтүү жашоосун ишке ашырууну көздөгөн жаш Асейинге дагы мына ушул тапта жакындарынын колдоп-коштоосу, берер кеңеши аба менен суудай керек болуп турду.

Шаардын ар бир бурчундагы жарыялардан жумуш издеп, күнү бою көчөдө сенделип басып жүрүп, бирок тилекке каршы бул каалоосун таш каап, ою оңунан чыкпайт. Жашоонун жана кайдыгерликтин даамын, өңүн, көлөмүн, өзүнүн катасын сезип, акыркы эрк-күчүн чогултуп, эски ишканасына кечирим сурап барууга бел байлайт.

## Кечиримдүүлүк – күчтүүлөрдүн сапаты

Касымдын үч уулу бар. Жубайынын көзү өткөндөн бери анын тигүү цехи жалгыз бой атага калат. Тууганы Касымга: "Үйлөнүп-жайланып ал" - деп айтышканы менен, кырктын кырынан ашып калган кишиге өз балдарын өгөй кылгысы келбей, макул болгон эмес. Табиятынан назик, жумушуна так жүргөн, мүнөзү түнт Касымдын Асейин менен таанышуусу жашоосун бир топко жеңилдеткен эле. Анткени, иш тажрыйбасында биринчи жолу жаш болгонуна карабай, максаты бийик, жүрөр жолу белгилүү жигитти көрүп турган.

Таң эртеден жумушуна кечикпей келип, буюртмаларды катар-катар кабыл алып, андан соң буту-бутуна тийбей жүгүрүп жүргөнү Касымдын купулуна толгон. Асейин бул цех үчүн чоң эмгек жасаган.

Жумуш кайнап турган күндүз күнүндө кирип келген Асейинди көрүп, таңыркап, бирок суук кабыл алды:

- Кайсыл шамалдар учурду, ыя?

Өзүн айыптуу сезген баладай Асейин унчуга албай үн-сөзсүз тиктеп тургандан кийин:

- Саламатсызбы, Касым байке? Мен жөн эле... өтүп баратып... – мукактана: - Мен сизден кечирим сурайын деп келдим - Текеберликтин, жаштыктын айынан катачылык кетирип койдум окшойт. Олуттуу катам жок эле, кесиптештеримдин жалаасына

кабылып, көңүлүм ооруганынан эч кимге карабай, актангым деле келбей кетип калдым эле. Башкаларга ишениптирмин, көрсө жашоодо өзүңдөн башка эч кимге ишенбеш керек экен. Чоң суммага алданып калдым, башка кыларга жумуш жок, чет өлкөгө кетет окшойм, башка аргам калбай калды.

- Ошондой дечи... – деп, Касым үнсүз гана тиктеп турду. - Жаштыкта болот мындай катачылыктар, Асейин тоону томкоруп салганды ойлойсуң, элден ашып эл боло алам дейсиң. Түшүнөм сени. Сага дагы эле ишенем, кааласаң цехке кайра кел. Мен эмгекчил адамдарды ар дайым колдойм.

Ойдо жок жерден мындай сунуш, мындай жылуулукту күтпөгөн жигит бул сунушка төбөсү көккө жете кубанып, дароо макул болот.

Эски билген жамаатына кайтты. Өзү билген шарттар, көнүп калган иши Асейинге эч кандай деле оорсуздук жаратпады, тескерисинче анда төмөндөгүдөй ойлор бийлеп турду: кудайга миң мертебе шүгүр, менин эмгегимди, адамдык сапатымды баалаган инсандар да бар экен. Мына мынтип өз ордума келип ишимди жасап жатам. Мындан кийин эч качан ойлонбой, талдабай туруп иш кылбайм. Дайыма жети өлчөп бир кесем.

Арадан жакшы күндөр өтө берди, а Асейиндин маанайы көтөрүңкү жүрдү. Анткени Касымдын ага болгон ишеничи Асейинди бир топ шыктандырып турду.

## Чет өлкөгө кетүү

Эки-үч ай өтөт. Тигүү цехинде тапшырык азайып, иш солгундап калат. Асейин "же жарытарлык билимим, же ишенген тирегим жок" деп ойлонуп жүрүп, акыры Касым байкеси менен кеңешип, чет өлкөгө барып иштөөнү чечет. Күндөрдүн биринде Россияга тезирээк келүү сунушу түшөт. Ал тезинен акча чогултуп, даярданып жүрдү. Ичинде кандайдыр бир жылуу сезимдер бар эле. Чет жерге барам, эл көрөм, жер көрөм деген ойлор Асейинди толкундантып жүрдү.

Россияда Т. аттуу таанышы ал үчүн жумуш таап койгон эле. Ошол себептен, жумуш издөөгө убактысын кетирбей, даяр жумушка орношту. Анткен менен башта чоң шаардын кең көчөлөрүнөн эчен жолу адашып, жумушка кечигип, кай бир күндөрү үйүн да таппай түн жарымында сенделип калды.

Басмакана көп кабаттуу имараттын биринчи кабатында жана жер төлөөсүнөн орун алган. Анда 110 киши эмгектенчү. Алардын улуттары да ар башка: кыргыздар, азербайжандар, орустар, өзбектер жана чечендер. Жамаатта көп жана ар кандай улуттар эмгектенгенине карабастан, басмакананын жетекчиси жана жубайы жакшы система түзүп, мыкты көзөмөлдөшөт эле.

Басмаканадан тапкан жумушуна эки күндүн ичинде киришет, анткени, Асейинге акча каражаты абдан керек болуп турган.

Асейин алгач кагаз ташуучу болуп кирет.

Ал жерде он күндөй иштеп, өз мекениндегиден

караганда жашоонун алда канча кыйын экендигин түшүнөт.

Биринчиден: бөтөн эл, бөтөн жер.

Экинчиден, башка улуттан болгондугу үчүн элдин жасаган суук мамилеси, акчанын тартыштыгы, эч кандай колдоосу жок Асейиндин көңүлүн чөктүрүп, өзүнө болгон ишеними четтен жешилип, азаят.

Ага карабай алдыга умтулууну, кыйналса дагы көчөдө ачка калса дагы аракетти токтотпоого тырышат.

"Бул өлкөгө кайра айылга кетүү үчүн келген жокмун, ушул шаарда өнүгөйүн, агарып-көгөрөйүн" деген ойду мээсине түйөт. Басмаканадагы жумушу абдан оор болгондуктан, аз уктайт, жеген тамагы дагы азыраак болот, бирок ага да карабай ичиндеги толкуп-ташкан күчү, толгон энергиясы, ийгилик жаратам деген ой-сезимдери күчтүү болгондуктан, Асейин өзүн жеңдирбейт.

Ал талыкпай эмгектенип олтуруп ар эки ай сайын кызматы көтөрүлүп турду.

Ошол убакытта иш да, жоопкерчилик да көбөйүп Асейин жасап жаткан жумушунан тарбия алып жатты.

Күндөр күнгө, айлар айга уланып, басмаканага жөнөкөй кара жумушчу болуп келген Асейин, так бир жарым жылдын ичинде күдөр үзбөгөн зор эмгеги, кайраты менен менеджер болууга жетишет. Анын кол астында 52 киши иштейт. Ийгиликке ушундай кыйынчылык, узак жол аркылуу жетип, өзүнчө мындай жыйынтык, тыянак чыгарат: "Кыйынчылыктарды жең, аларды басып өт, өзүңдүн максатыңды колдон чыгарба, максатың жөнүндө гана ойло. Бир жерден агар, кыялыңдын талылуу жерин кармоого жетиш".

## Асейин билим алууну чечет

Көп жыл өтөт, кыйынчылыктардан эми гана башын өйдө көтөргөн Асейин, бир аз да болсо тажрыйба алып, акылына акыл кошот. Күндөрдүн биринде кичине кезинен бери атасы айтып келе жаткан "Окубасаң жашоодо жарыбайсың" деген сөзүн эстеп: "Мени бир гана билим алдыга жетелейт, бир гана билим-илим аркылуу өзүмдү дагы да жогорку деңгээлге көтөрөм. Андан башка жол жок. Менин байлыгым, бай тааныштарым жок. Эмнем бар? Бир гана:

✓ акылым;
✓ тажрыйбам;
✓ билимим бар.

Билим канчалык көп болсо, ошончолук көп нерсеге жетишем", - деп билим алууну чечет. Басмаканада иштегенден бери ар бир жасалган дизайнга көп акча төлөнөөрүн көрүп жүргөндүктөн, баасы кымбат болгонуна карабай, дизайнерликке тапшырып, айына 5 000 доллар төлөп окуп баштайт. Асейин үчүн бул чоң сумма эле, ал жетекчисинен акчанын жарымын алат, а калганы өзүндө бар эле. Контракттык келишимди төлөөгө даяр болгону менен дагы-дагы башка кыйынчылыктарга кабылат.

Көптөгөн программалар жана видеолор англис тилинде болгондуктан, сабактарды өздөштүрүүдө өтө олуттуу оорчулуктар жаралат. Ошентип, кошумча англис тилин окуганга аргасыз болот.

Дизайнерлик менен кошо англис тилин дагы кошо алып кетет. Мектепте окууга моюну жар бербеген болсо, азыр аттиң кылганы менен кеч экендигин түшүнүп, күнү-түнү билим алууга баш-оту менен киришет.

Ал абдан кыйналат, мээсине билим кирбейт. Мындан ары анын жашоо стили: түнкү экиге чейин окуп, өзү менен өзү тынымсыз иштеп, төрт саат уктагандан кийин кайра туруп жумушуна барат. Жумуштан соң окуйт, андан чыгып англис тили курсуна барат. Ошентип жүрүп эки ай убакыт бат эле өткөндөй болот. Бул аралыкта аздыр-көптүр акылына акыл, билимине билим кошуп, өзүнүн деңгээлин жогорулатат. Жарым жылдын ичинде окуу менен тажырыйбаны кошо алып кеткендиги үчүн компаниясындагы эң жакшы, эң мыкты дизайнерлердин катарын толуктайт.

Басмакана ар бир дизайн үчүн акча төлөп берет эле. Асейин көнүл коюп, баштаган жумушун өз убагында жасайт эле.

Өзүнүн директору китептердин дизайндарын, ар бир тапшырыкты бир гана Асейинге тапшырып турат болчу.

Анткени ал арзан баага жасап, тереӊ ишеничке кирет. Анын көз карашы, ой жүгүртүүсү жана жаратмандыгы (креативность) башкалардыкынан айырмалангандыктан, жасаган ар бир эмгеги мыкты баага татып, шедеврге айланат.

## Мекенди сагынуу

Жат өлкөдө канчалык ийгиликтүү болуп, төбөсү көккө тийсе да күндөн-күнгө мекенин сагынуу сезими күч алып баштайт. Кыргызстандын:

- ✓ абасын,
- ✓ суусун,
- ✓ тилин,
- ✓ ырларын,
- ✓ тамак-аштары, адамдарын, деги койчу... баарын эстеп, Асейин Кыргызстанга кеткиси келет.

"Кетип калсамбы же бир аз иштеп турсамбы?

Кыргызстанга барсам деле кыйраткан эч нерсе жок, мени ал жерде жакшы жашоо күтпөйт, бирок киндик каным тамган жериме кетким келет. Бул жердин жумушун таштап кетип калсам кандай болот? Болбойт го, ийгиликтин чокусунда турам, жакшы айлык алам, жакшы тажрыйба алып жатам"- деп Асейин бир ай бою мээсин кайнаткан түмөн ойлорду ойлонуп жүрөт.

Ошондой күндөрдүн биринде ал өзүнө минтип суроо берет: "Мага Кыргызстанга баруудан кандай пайда болот, азыркы жумушумду таштап кетип калсам мага кандай зыян болот?"

Көп суроолор анын мээсин бийлеп алды.

"Кой, андан көрө жазып көрөйүн"- деп жай гана отуруп, кагаз бетине мекенге кайтуунун пайдалуу жана зыяндуу тараптарын толук жазып чыгат.

Учурдагы жумуш ордун, ийгилигин таштап кетүү ага оорчулуктарды гана жаратарын түшүнүп, тилин тишине катып, эч кандай өзгөрүүсүз ишин уланта берүүнү чечет.

## Баягы эле калпычы атаандаштар

Асейин ушунчалык бийик деңгээлге жетет, ишканадагы жумушчулар, атаандаштары, жадакалса ошол шаардын тургундары дагы аны тааный башташат. Анткени, анын ойлогон ойлору, аткарган иштери, жараткан эмгектери катардагылардан алда канча башкача, сапаты жагынан дагы өзгөчө болгондуктан, элдин оозуна алына баштайт.

Баягыдай эле атаандаштар пайда болот, азыркы иштеп жаткан жумушунан дагы көбүрөөк айлык акы, жакшы шарттарды, "Биз сени үй, унаа менен камсыз кылабыз, эки типографиянын ишин беребиз, айлык акыны үч эсе көбөйтөбүз" деген сунуштарды айта башташат.

Ойлонуп көрөрүн айтып, аларга коомай гана жооп кайтарат. Үйүнө келип  эки күн катары менен ойго чөмүлөт. "Сүткө оозу күйгөн - айранды да үйлөп ичет" дегендей, ал азыркы иштеп жаткан жумушунан кетпей эле коюуну чечет. Чоң атасынын "Колуңда бар алтындын баркын бил" деген сөзүн эске түшүрөт.

## Билим. Эмгек. Анализ

Иш күндөрүнүн бириндe Асейин эмгектенген басмаканада жаңылык тарайт. Ишкананын жетекчиси эң көрүнүктүү бразилиялык П.К. аттуу жазуучу тарабынан тендер жарыяланганын айтат.

Сынактын талабы боюнча бөтөн тилде жазылган эмгекти, орус тилинде сүйлөгөн КМШ элдеринин аң сезимине, ой-жүгүртүүсүнө, дүйнөгө болгон көз карашына ыңгайлаштыруу эле. Чет тилинде жазылган китепти элдер оңой түшүнүү эле

Анда Асейиндин башчысы катыша турган 20 мыкты басмакананын ичинен жеңишке жетүү тапшырмасын буйруйт.

"Ар бир нерсеге кылдат карап, ийне жибине чейин изилде!" деп тапшырма берет.

Бул жоопкерчилик Асейин үчүн алгачкы чоң долбоор эле. Россиядагана иштеген кызматкер өз мүмкүнчүлүгүнө толугу менен ишене албайт. Чет жерде "Керемет" деген китептин сүрөтү жана мазмуну, КМШда шылдың, маскара, күлкүлүү мааниде болуп калышы мүмкүн эле. Ошондуктан Асейин сынак тууралуу көпкө ойлонуп, аракет жок болсо ийгилик келбейт деп, күнү-түнү аракет жасап, түрдүү анализдерди, статистикаларды изилдейт.

Асейин жазуучулардын ишин көрүп, өзүнө ылайыктуу эмгек ойлоп табат. Ал бардык стандарт, шарт, эрежелерди эске алып, таң каларлык дизайн ойлоп чыгат.

Кызматкердин ишин көргөн башчысы таң калып, жеңиш алардын тарабында болоруна көзү жетип, төбөсү көккө жете кубанат.

Алар күткөндөй эле тендер күнү ал эмгектенген басмакана мыкты деп табылат. Асейиндин эмгеги эң жакшы деп жарыяланат.

Билим, эмгек, анализдин артынан келген жеңишке Асейиндин көөнү магдырайт.

Ал бир нерсени анализ кылсаң, айырмасын көрө аласың, деп өзүнө тыянак чыгарат

Ар дайым анализ жасоого үйрөнөт.

## Ийгиликти өзүң гана жаратасың!

Бразилиялык жазуучунун долбоору Асейинге абдан чоң ийгилик алып келди. Англис тилин орто деңгээлде эле билгени менен өзүнүн оюн эптеп жеткиргени, элде жок сылык мамилеси, маселени ар тараптуу карай билген жаратмандыгы (креативность), кыска убакытта иштин майын чыгара аткара билгендиги, бардыгы биригип, ар бир иштешкен адамын өзүнө байлап алчу.

Чынында эле Асейин менен иш алып барган адамдар анын төмөнкү сапаттары үчүн баалачу:




Ал эч качан "жасай албайм" деп айтпайт, тескерисинче "бардык аракетимди жумшайм" деп, ар бир адамга жылуу мамиле кылып, эмгектенгенден коркпойт. Жамаатына зыян эмес, пайда алып келүү үчүн жанын карч урган сапаттарын көп адам баалайт.

Мындай ийгиликке жеткенге чейин Асейин жеке сапаттарын, турмушун жана жетишкендиктерин изилдеп, адамды артка карай түрткөн төмөнкү тыянактарды чыгарат:



## Сенин мээңдеги чектөөлөр (рамкалар)

Асейин ушул убакытка чейин чоң бир законду түшүнбөй жүргөндүгүн жаңы эле түшүнүп жетти. Бир нече жыл мурун айылдан Бишкекке жаңы келгенде "Чоң ийгиликке жетиш үчүн абдан акылдуу, билимдүү болуш керек, бирок бул мен үчүн кол жеткис нерсе, мен андай боло албаймын, колумдан андай нерсе келбейт"- деп ойлочу. "Мен жөн эле кара курсагымды тойгузуп, эптеп бир жумушка кирсем, ошого да ыраазымын" - деген. Көрсө, ал илгертеден эле мээсине рамка кийгизип алган тура. "Мен бул рамкадан чыкпашым керек, мунун ичинде гана болушум керек" деген ой менен жүргөндүгүн аңдап жетет.

Адам баласы мээсиндеги рамканы алып таштоосу керектигин Асейин Москвага барып, дизайнерликти окуп, англис тилин орто деңгээлде өздөштүрүп, бийик даражадагы ийгилик жараткандан кийин гана түшүнүп жетет.

Башка бирөө жараткан ийгиликти айылдык болобу, башкасыбы, бою кичинекейби, өңү суукпу, ар бир адамдын колунан келерин жана аткара аларын түшүнөт. Болгону бул нерсе үчүн ойлонуу, изденүү керек экендигин аңдап жетет.

Анткени, ийгилик адам тандабайт. Ийгилик жер тандабайт.

Ким жетишерлик деңгээлде:

- ✓ мээнет;
- ✓ аракет;
- ✓ убакыт

жумшаса, ийгилик сөзсүз келет. Болгону артка чегинбеш керек. Кудайга ишенип, эмгегин талыкпай жасай бериш керек

## Ийгилик жараткандан кийин жылдыз оорусу менен ооруба

Асейин Бишкекте тигүү цехинде иштеп жүргөн кезде жакшы ийгиликтерди жаратып, андан соң жылдыз оорусу менен ооруп, өзүн абдан кыйын сезип, көп туура эмес иштерди жасап, ал катачылыктардан укмуштуудай чоң сабак алган.

Ийгилик жараткандан кийин жылдыз оорусу менен ооруп, азыраак эмгектенсең, изденүүнү токтотсоң, тескерисинче, артка кетесиң. Жеткен ордуң, тырмышкан шагың эч качан туруктуу болбойт. Андыктан, бул оору менен оорубай, көбүрөөк эмгек кылып, ар дайым аракетте, изденүүдө болуу керек.

Сен ийгилик жараттыңбы?

Азаматсың!

Эми мурдагыдан да эки эсе көп аракеттен, ошондо гана өзүңдүн жараткан ийгилигиңден көлөмдүүрөөгүнө жете аласың.

Ийгилик – жеңил ойлуу кыздай, бүгүн сенин жаныңда, эртең жок. Бир ордунда кармап туруу көп машакатты талап кылат.

Бул мыйзамды Асейин тигүү цехинде иштеп жүргөндө эле жакшы түшүнгөн. Азыр дагы көп атаандаштардан сунуштар жамгырдай жаап турду, бирок баягыдай эле өзүнүн үстүнөн дагы да жакшы иштеп, изденүүсүн токтотпой, колунда бар нерсени кармап турганга аракет кылат.

Буга кошумча, башчысы менен болгон жылуу мамилесин түбөлүккө сактап калгысы келет.

Асейин үчүн азыркы убакта акча, байлык биринчи орунда эмес, ага жылуу мамиле, жакшы адамдар, тажрыйба жана алдыга карай умтулуу, өнүгүү көбүрөөк маанилүү эле. Ошол себептен баштапкы ордунда жумушун жогорку деңгээлде уланта берет. Убакыт өткөн сайын башка өлкөдөгү басмаканалар, сырттан келген жазуучулар Асейин менен иштешкенге абдан кызыкдар болуп турду.

## Ата-эне – ыйык

Бул жарыкта, албетте, эң биринчи орунда Кудай ыйык, андан кийин ата-эне ыйык болуп саналат эмеспи.

Ушунча жылдан бери чет жерде, өзүнө такыр жат саналган чөйрөдө жашап, жакшы жашоого умтулуп келе жаткан Асейин мекенинин:

- ✓ **элин,**
- ✓ **нанын,**
- ✓ **тузун,**
- ✓ **суусун,**
- ✓ **абасын,**
- ✓ **май-курутун,**

жадакалса бозоң кырда чуркап жүргөн боз улагын дагы бүгүн сагынып, бүгүн жоктоп олтурду. Апасы менен күн алыс сүйлөшкөнү менен атасынын үнүн укпаганына көп жылдар болгон. Атасы ага боор тартып, аябай жакшы көрө турган, бирок ошол эле мезгилде көк, айтканынан кайтпаган кежир мүнөзүнүн айынан уулунун ал-абалына кызыгып, издеп сураган жок. Ошентсе да ичинен сызып, уулунан кат-кабар, телефон чалуу күтүп жүрдү.

Асейин ойлонуп көрсө, бир топ чогулуп калган акчасы бар. Мындан улам Кыргызстанга үй-бүлөсүнө эки жумага барууну ойлойт, ага кошо окуусундагы айрым маселелерин чечип, экзамендерин бүтүрүүгө камданат. Көп жолу көчөдө ач, бир тыйыны жок калганынан “Өзүңдө жок – ааламда жок” деген сөздүн маанисин терең түшүнүп, акча үнөмдөөгө кадимкидей көнүп калган.

Көп жылдардан бери көрүшпөгөн атасынын кашына, албетте, куру кол бара алмак эмес. Мындан улам ал машина белек кылууну ойлоп, Бишкекке жөнөп кетти. Анча кымбат эмес  деп саналган машинадан тандап сатып алып, белек-бечкегин жүктөп, айылына кирип келет.

Машинанын келип токтогонун уккан байбиче дарбазадан кирип келген уулун көрүп: "Ай абышка, чык уулуң келди" - деп кубанып, ичи-ичине батпай, узун көйнөгүнүн этегине чалына жаздап, ылдам басып барып кучакташып калышты. Короодо тиричилик өткөрүп жүргөн атасы да аста басып келип, көргөн көздөрүнө ишенбей туруп:

- Ай кемпир, бышактабай турчу мындай элге шерменде болбой, - деп мурутун мурчуйтуп, канча мезгилден бери көрүшө элек уулун сагынганын сезди.

Асейин:

- Ата, күүлүү-күчтүүсүзбү? Мага таарынбай жүрөсүзбү? – деп атасынын моюнунан бекем, көпкө кучактап турду да, андан соң белегин тартуулады.

Аң-таң болуп калган атасы уулунун бойго жетип, акылына кирип чоңоюп калганына, аздектеп келгенине ыраазы боло батасын берип, үйгө киришти.

- Менин кулунум чоңоюп, бою да узарып, өңүнө өң кирип калган турбайбы, күчүгүм десе!

Балам, оорубай элесиңби деги өңүң бозорот да, ыя? – деп апасы уулуна берер ашын таппай, жалынып-кагыла берди.

- Ата, мен көптөн бери келе албадым. Тилекке каршы шарттар ушундай болуп жатты. Бирок келе албасам да ар күнү сиздерди ойлобогон, сагынбаган күнүм болбоду. Абдан уялып турам, ата, мени кечириңизчи...

Уулунун мындай сөздөрүн уккан апасы шолоктоп ыйлап жиберди. Кантсин анан эне да, кимдин апасы болсо да дал ушундай абалда болмок. Анткени:

• эрке күчүгү минтип эр жетип турса;

• эл шылдыңдаган "Коделек" белек алып кубантса;

• адамдык сапатын жоготпой атасынан кечирим сурап жатса;

• ата-энесинин бетин жер каратпай ийгиликтүү болуп келсе, таасирленбей кое алмак эмес.

Энеси өзүн тыя албай: "Кудайга кулдугум бар, кудайга кулдугум бар" - деп уулун карап айта берди.

Асейин энесин карап, ал да кошо ыйлап жиберди. Эне-бала көпкө сагынычын тарката албай кучакташып турушту. Атасы, энеси жана Асейин көпкө чейин сүйлөшүп отурушту.

Ошол күнү кечки тамакка Асейин апасынан күлчөтайды сагынганын айтып, анын жасоосун суранды. Энеси шашып, тамак жасоого киришти. Асейин да жөн олтурбай апасына жардамдашты.

Даяр болгон соң ак дасторкон жазылып, тамакка олтурушту. Асейин тамактанганча ошончо жыл башынын өткөргөн күндөрүн бир-бир айтып берди. Ата-энеси бир чети кубанып, бир чети кайгырып, уулун

аяп олтурушту. Асейин улам-улам ысык чайдан ууртап олтурду:

- Эх, Кыргызстандын ар бир нерсеси керемет экен. Чет жерде жүрүп ушул жөн гана чайды сагынганымды айтпаңыз, - деди Асейин чайын тамшана тиктеп. Түн бир оокумга чейин сүйлөшүп олтурган соң атасы: "Эми элден бата алып, той берели, алып келген унааңды элге көрсөтөлү" - дейт. Апасы да буга кош колдоп макул болот.

## Тойго даярдык

Уулунун өзүнө арнаган белегине чексиз ыраазы болгон атасы бүт айылга кабар берип, сүйүнчү айтат. Той күнү дарбаза чоң ачылып, малдар союлуп, ак дасторкон кенен жайылат. Кошуна келиндер боорсок, каттама жасап, ичеги-карын жууп, айтор тойго аябагандай машакат менен даярдык көрүлдү. Атасы сыртта конокторду сүйүнүп тосуп алып жатты.

Саналуу жылдар мурун эч ким көңүл бурбаган, "Коделек" деп шылдың уккан кара тору жаш жигит мына азыр чет өлкөдөн ийгиликтерди багындырып, айылдын ары жагынан бери киши-кара келип, калпагы менен чапанын кийгизип, бата берип жатышты. Той абдан жакшы өтүп жатты.

Той бүткөн соң айылдагы эки абышка өз ара Асейин тууразында кеп кылып, үйлөрүнө бара жатышты:

- Ай-ий ай, карачы. Кудай берет деген ушул тура. "Бешиктеги баланын бек болорун ким билет" дегендей, Асейиндин мындай мыкты адам болуп чыгышы кимдин оюна келиптир дейсиң.

- Ошону айтсаң, кичинесинде капкара болуп, балдардан токмок жеп эле жүрчү эмес беле.

## “Кош келдиң, СҮЙҮҮ, чын эле сен келдиңби?”

Бир канча күн үй-бүлө, айыл-апасы менен сагыныч тараткандан кийин шаарга келип, окуусун жөндөп, өтмүштө чоң адилеттүүлүк кылып көмөк көрсөткөн Касым байкеси, тажаал болсо да эмгегин арнаган таежесине жолугуп, белендеген белек-бечкегин берип, алардан дагы жакшы сөз угуп кайра өз жолуна түштү.

Андан ары Россияга жол алууга камданып, аэропортто өзүнүн рейсин күтүп олтурат. Ал учурда чемоданын сүйрөп бараткан көзү бакыракай, кымча белдүү, чачы жибектей сеңселген сулуу кызды көрүп, жүрөгү “шуу” дей түшөт.

Дал ушул кыз менен бир учакта кетерин Асейин али биле элек.

“Менин келечектеги жубайым ушундай сулуу болсо кана” деп ичинен кыялдана текшерүүдөн катарлаша өтүп, күтүү залында отуруп калышат. Жигиттик жышааны козголуп, суйкайган сулууну сөзгө тартууну ойлонуп, батына албайт.

Бир чечимге келе албай он мүнөт, он беш мүнөт, жыйырма мүнөт... убакыттын жебеси жыла берет. Акыры чыдамы кетип, “Таанышкан жаман жорук эмес да, эч нерсем кемибейт” деп чечкиндүү мүнөздө жакындай берип:

- Чоң кыз, саламатсызбы? Телефонуңуздан чалуу (маяк) кетирип алууга болор бекен?

- Албетте, алыңыз.

Жылуу жооп берген кыздын мамилесине ыраазы болот.

Асейин калп эле бирөөгө чалымыш болот. Чынында эч кимге деле чалбайт, өзүнүн номурун терип туруп: "Ии, өчүк турбайбы", - деп билмексенге салып коет.

Маек андан ары автобуста уланып кетет. Асейин кыздын баштыктарын алып кетүүгө жардам берет. Тагдырдын тамашасыбы, айтор учактагы орундар да жанаша туш келип калат. Кызык сөзгө берилип кетип, бири-биринин атын сураганды да унутуп калышат. Бир топтон кийин кыз атын айтып, колун узатат:

- Атым Индира...

Алты сааттык узун жолду дилден төгүлө маектешип, кантип жетип келип калышканын сезбей да калышат.

Алар Москвада бир канча жолу жолугушат. Асейин аны кымбат ресторандарга алып барып, көкөлөтө сый көрсөтөт.

Бирок Индира аны бою кыска, үйү, машинасы жок кедей деп анчалык жактыра бербейт. Ошондой күндөрдүн биринде Индира Асейин жөнүндө анын тааныштарынан сүрүштүрүп олтуруп, мурдагы жашоосундагы эскергиси келбеген күндөрдү, анын кыска боюнан улам “Коделек” деп аталганын, айылда жашаган ата-энесинин орточо турмушта күн көрөрүн, бай эмес экендигин угат.

Мындан улам кыз ал менен мамиле түзүп, теңине алгысы келбей калат. Анын каалоосу, пландары таптакыр башка, чоң бизнеси бар бай адам менен бирге болуу эле.

Күндөрдүн биринде Асейин Индираны чайга чакырат.

Индира калп эле бошобой жатам демиш болот. Анткени убактысын Асейин сыяктуу керексиз адамдарга короткусу келбейт.

Ошондон улам, жигиттин сунушуна макул болбой, суук мамиле жасап, шагын сындырып коет.

Кыска убакытта өзүнө жакын сезип алган адамынын мындай мамилесине Асейин ары ачууланып, ары капаланат. "Ушундай бир күн келет, сен өзүң басып келип, азыркы жасаган мамилеңе өкүнө кечирим сурайсың!" - дейт ичинен.

Жүрөгү менен байланган кишинин саткындыгына кыжырланып, ачуусун эмнеден чыгарарын билбей, көп күн ичинен сызып, жаман маанайда жүрөт.

Уктайын дейт, уйку келбейт!

Китеп окуюн дейт, мээсине эч нерсе кирбейт!

Англис тилин тереңирээк окуюн дейт, көңүлү чаппайт!

Индираны унутайын дейт, унута албайт!

Ушинитип кыйналып бир топ күн жүрөт, анан бир чечимге келет.

Өзүн биротоло жумушуна арнап салууну чечет:

"Сүйүүдөн пайда жокпу? Анда жумуштан пайда чыгарам", - дейт ачуулана.

Күн-түн дебей иштей берет. Көңүлү жумуштан башка эч нерсеге чаппай калат.

Өзүн-өзү атайын алаксытат.

Башына көп иш үйүп алат.

"Индира жөнүндө ойлонбоо үчүн бир мүнөт дагы бош турбашым" - керек дейт.

Бирок Асейин абдан кыйналып, жан дүйнөсү жанчылып, күл болуп күйүп турду.

Качан эле жүрөк акылга моюн сунуп калмак эле?

## “Коделектен” Mr. Asein (Эйсейнге) айлануу

- Мен, айылдык, диплому жок, бою кичинекей жигит, кайсыл жасаган жумуштарым, аракеттерим үчүн ушул деңгээлге жеттим? Мени өнөктөштөр, атаандаштар эмне үчүн баалашат?

Бул суроолорду Асейин өзүнө саат, мүнөт сайын кайра-кайра берет.

Жооп издеп, көпкө ойлонуп, мээсинде кайра эле түмөн ой удургуй берет: “Жылдыздуумун, дипломум бар, акчам көп, жакшы тааныш-билиштерим бар, чет өлкөдөн билим алгам, элди алдаганды билем, элдин ишенимине тез эле кирип, гипноз кылып кое алам, чет өлкөдө көп иштеп, тажрыйба топтогонмун"...

Жок, такыр андай эмес, мунун бири дагы туура эмес. Менин ийгиликке жетишиме эмне себеп болду? Эмне түрткү болду? Кантип жана кандай сапаттарым үчүн, кандай иш-аракеттерим үчүн ийгиликке жетиштим?”.

Бир канча убакыттан кийин ал өзүнүн көөдөнүндө пайда болгон суроолорго жооп табат: “Ийгиликке жеткенимдин эң алгачкы жана негизги себеби:

1. Билим;
2. Талыкпас эмгек;
3. Алдыга умтулуу.

Ушул эң негизги үч жоопту үйүндөгү, жумушундагы, компьютериндеги эң көрүнүктүү жерге жазып коет. Мындан ары үч эсе көп билим алууга, эмгектенүүгө, колдон келгенче алдыга умтулууну токтотпоого өзүнө-өзү сөз берет. Буга чейинки басып өткөн жолу – анын өзүнө берген сөзгө бекемдигининин жемиши эле.

Мындан ары эмне кылуу керектиги жөнүндө Асейин күндөлүгүнө тизмектеп чыгат: “Эң биринчи орунда билимимди жогорулатып, дагы да болсо көп окушум керек. Чет тилдерин өздөштүрүшүм керек. Китептен, интернеттен, жана башка курстарга барам, чет жакка чыгып билим алып келем”.

“Кантип талыкпай эмгек кылам? Азыраак уктайм, жумушума өзүмдү толугу менен арнайм, директор эки жумуш берсе, төрт жумуш аткарам, төрт жумуш берсе он эки жумуш аткарам, майда нерседен чоң эмгек жаратууга тырышам.

Алдыга кантип умтулуу керек? Өзүмдү анализдөө, максаттарымды так коюу жана ага карай ишенимдүү кадамдар менен аттануу керек”.

Ошол күнү Асейин көп ойлонуп, өзүнө-өзү дем берип отурду.

Асейин көп ойлонот, көп эмгек жасап, ар дайым пайдалуу гана иштердин үстүндө болот. Таңкы беште турат, бети-колун жууп, чайын ичип, саат 6га даяр болот. 6дан 7ге чейин англис тилин окуйт, 7ден 8ге чейин тажрыйбасын жогоруулатуу үчүн ар түрдүү видео-вебинарларды көрөт. 8ден 9га чейин жумушка баруу үчүн метрого түшөт, жолдо убактысын текке кетирбей коомдук транспорттогу акысыз интернеттен пайдаланып, ар түрдүү керектүү видеолорду көрөт жана англис тилин терең үйрөнүп баштайт.

Эртең мененки саат тогузда жумушуна барат. Башка кесиптештерине окшоп түшкү тамагына бир саат коротуп, созолоно сүйлөшүп олтурбайт, жумуш саатында эшик-эликте буруксута тамеки тартпайт, ар бир мүнөтүн пайдалуу өткөрүүгө тырышып, өзүн арстанга айландырууну мүдөө кылат. Ошентип, жумушу саат 6да аяктайт, 6дан 7ге чейин кайра эле метрого олтуруп , айрым күндөрү "кечке экранды тиктей берип, кайран көзүм сокур болуп калбасын" деп, жолду ката музыка угат. Кыргыз ырлары Асейинге өзгөчө дем-күч берет. Үйүнө саат 7де жетип келет, саат 8ге чейин үй оокаттарын жасайт, тамак ичет, жуунат, үйүн тазалап, 12ге чейин кайра эле өзүн өнүктүрүүгө убакыт бөлөт.

Күндөр-күнгө, айлар-айга алмашып олтуруп жарым жылдын ичинде баягы тажрыйбасыз "коделек" бардык жагынан өзүн өнүктүрүп, англис тилинде түш жоруп, чет өлкөлүк кардарлар менен котормочунун жардамысыз

байланыш куруп, өз тармагындагы абройлуу ишкерге айланат. Чет тилин мыкты өздөштүргөндөн кийин чет өлкөлүк аттуу-баштуу кардарлар тынымсыз сунуштар менен көлөмдүү иштерди сунуштап турушат, арийне мындан Асейин компанияга дагы, өзүнө дагы укмуштуудай киреше алып келет. Ал арада ата-энесин да унутпай айылга тынбай акча которуп турат. Ошентип, айына экиден чоң проекттин үстүнөн жаратмандык (креативность) менен иштеп, каражат жагынан дагы, тажрыйба жагынан дагы алдыга жылып, өзүнүн дарамет-күчүнө оозу ачыла таң калат.

Чет жердик кардарлар Асейиндин атын жазганда Mr. Asein деп жазышчу, анан бул атты окуганы келгенде (Эйсеин) Asein  деп окуйт болчу, ошентип жүрүп “Коделек Асейин” -  Mr. Asein ге (Эйсейн) айланат.

## Көрө албастык бардык жерде бар

Асейин менен иштешкен ар бир өнөктөшү ага аябай ыраазы болуп, кантип эле бир адам өзүнө ушунчалык көп жакшы сапаттарды камтый аларына ишене албай, көпкө таң калып жүрүшөр эле.

Ошол эле кезде көрсөткөн иштерине суктанып, көпчүлүк кардарлар бир гана Асейин менен иштешкенди каалап калышат. Мындан улам жетекчилик дагы таң калуу менен баа берип, ар ай сайын кошумча акы төлөп баштайт. Кээде анын айрым кесиптештери тажрыйбасыздыгынан, чет тил билбестигинин жана тез убакытта жумуш жасай албагандыгынан улам жумушсуз калышар эле. Көпчүлүк буюртмаларды жетекчилик атайын Асейинге жибере баштайт, муну көргөн башка дизайнерлер ага ичтен кек сактап, мамилеси муздап, душмандык кыла башташат. Айрыкча мындай көрө албастык сезим көбүнчө анын жанында коштоп жүргөн эки жигиттин өзгөчө тынчын алып турду.

Күндөрдүн биринде жанындагы эки кесиптеши план түзүшөт. Алар “Асейиндин компьютериндеги маалыматтарды өчүрүп салсак, анын жумушу токтоп, чолок болуп калат, мындай жоопкерчиликсиздигинен улам жумушунан айрылары турган кеп, директор муну кууп жиберет дагы, бардык тапшырык (заказ) бизге калат” деп ойлоп, анын компьютерине хакердик чабуул жасап, маалыматтардын көчүрмөсүн өзүнө сактап, эс тутумдан өчүрүп салышат.

Эртеси күнү эч нерседен бейкабар жумушка келген Асейин компьютеринин такыр иштебей калгандыгы таң калтырып турду.

Ал "Эч кимге жамандык кылган эмесмин, Кудай эмне үчүн мындай сыноону мага жиберип жатат?

Эмнеге менде мындай бактысыздыктар болушу керек"деп туталана ойго батып турганда карап турган эки кесиптеши мыйыгынан жылмайып, унчукпай кетип калышат. Тиги эки кесиптеши аякталбаган буюртмаларына ээлик кылуу үчүн анын кетер күнүн күтө баштайт. Бирок зээндүү жетекчи окуянын чоо-жайын туюп, эки күнгө калтырбай баягы эки чыккынчынын бирөөсүн жумуштан айдап, башкасына сөгүш жарыялайт.

Асейиндин компьютеринин калыбына келүүсүнө убакыт керектелет экендигин угуп, сызган жана жасап койгон жаңы дизайндарын уланта албай, бир канча күн жумушсуз олтурууга туура келет. Стресске, ачууга алдыргандын ордуна мындай мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, кол куушуруп отурбай жаңы пайдалуу китептерди окуп, мотивациялык видеолорду көрүп, жадакалса табият коюнунда эс алып келүүгө да үлгүрөт.

Улуу Махатма Ганди айткандай: "Адам — өзүнүн акыл-оюнун азыгы, эмнени ойлосо, ошого айланат" – демекчи, ал жакшы ойлору менен ар бир секундун туура пайдаланып, жакшы дем менен жумушка чыгат. Жетекчилик анын ишмердүүлүгүнө ишеним артып, анын иш

столуна мурдагыдан да кубаттуу, эң акыркы үлгүдөгү кымбат компьютер алып койгон болот. “Сенин ийгилигиңе, тактыгыңа терең ишенем, жаңы шеригиң жаңы эргүүлөрдү алып келсин!” деген жылуу тилегин айтып, ага чексиз кубаныч тартуулайт. Ошондо Асейинге бир ой келет: “Компьютерим жок болсо дагы, колумда эч нерсем калбай калса дагы, Кудайга миң мертебе шүгүр, башымда билимим бар, тажрыйбам бар, баарынан кымбаты ушул” деп Асейин шүгүрчүлүк келтирет.

## Чоң ийгиликти багынтам десең, чоң тоскоолдуктарга даяр бол

Ийгилик жаратуу абдан көп нерсени талап кылат, көпчүлүк адамдар дал ушул тоскоолдуктардан улам жолдун жарымына жетпей жеңилип, шагы сынып калышат. Эмнелер талап кылынат:

- ✓ **Талыкпас эмгек;**
- ✓ **Өздүк дисциплина;**
- ✓ **Тайм-менеджмент;**
- ✓ **Эрк;**
- ✓ **Ден-соолук;**
- ✓ **Алдыга умтулуу;**
- ✓ **Өз интуициясын тыңшоо;**
- ✓ **Өзүнө болгон ишеним;**
- ✓ **Көп нерседен баш тарта билүү;**
- ✓ **Комфорттуу жайдан чыгуу;**
- ✓ **Кыялына ишенүү;**
- ✓ **Эч качан тагдырга моюн сунбоо;**
- ✓ **Кудайга жалынуу.**

"Коделектен арстанга айланам" деген Асейин жумушуна чектен аша берилип, стресстен жабыркап, өзү да жүдөгөндөн ден-соолугу начарлап, организми күчсүз боло баштайт, анткени, ушунча жылдык кыйынчылыктар, тынымсыз кыймылда болуу, иш столунда отуруп туура тамактанбоо - организм үчүн, нерв системасы үчүн өтө оор болот.

Аны менен кошо өзүнүн жашоосундагы кара тактай болуп, эскергиси келе бербеген Индираны ойлобош үчүн жумуш графигин аябай жыш кылып түзөт, бир мүнөт дагы ашыкча убактысы жок болот. Өзүн өзү алдайт, оюн башкага бурат, унутканга аракет кылат.

Анткени менен эч пайда чыкпай, аны эстеп, сагына берет. Жашоосундагы эң маанилүү адамын жоготкондой, жарты калып, санаасы санга бөлүнүп туруп алат.

Улам телефон чалып, ал-акыбалын, жашоосу кандай уланып жаткандыгын сурагысы келет, жанында болгусу келет... Кантсе да жүрөк акылга багынбайт экенин чындап түшүнүп жетет.

Күндөрдүн биринде кесиптештери аны кечирээк "Жүр, клубка барып эс алып келели, стресстен арылып келесиң" деп сунушташат. Макулдугун берип, эки сааттан кийин жолукмай болушат. Бирок ошол убакыттын аралыгында "Клубка баргандан мага эмне пайда чыгат? Бир-эки саат көңүл ачышым мүмкүн, а бирок убактым текке корогондугу, акчамдын кеткендиги, зыянкеч татымдар мени азгыргандан башка эч нерсеге жарабайт. Андан көрө үйүмө барып даамдуу тамак жасап, жуунуп, эртерээк уктайын деген ойдо кесиптештеринен кечирим сурап, бара албастыгын билдирет.

Үйүнө барып тамактанып, жумуштарын бүтүрүп коюп, ал күнү эрте уктайт.

## Документтерди ирээттеп, ордуна кой

Кээ бир адамдар документке өтө так болушат, бирок андайлар аз.

Көпчүлүгү бул маселеге так, жоопкерчиликтүү мамиле кылбайт, мөөнөтү өтүп кеткенден кийин гана чуркай башташат. Асейин дагы жумуш менен алек болуп жүрүп, дал ушундай көйгөйгө туш келет. Көрсө, тийиштүү документтердин мөөнөтү аяктаганына бир айдан ашып калыптыр. Жолдон полиция кызматкерлери текшерүүгө алып, бул одоно катачылык үчүн аны убактылуу кармоочу жайга алып барууга аргасыз болушат. Көп сандагы айып пулун төлөп, андан тышкары административдик эрежелерди бузгандыгы үчүн бир сутка түрмөдө жатып чыгат.

Темир тордо 24 саат гана болгону менен Асейин үчүн ал 24 күндөй сезилет. Аз гана убакытта бүтүүчү жумуштун ордуна ашыкча убактысын дагы, акчасын дагы эселеп короткондугуна ичи күйүп, кыжыры кайнайт. Бир гана өзүн күнөөлөгөндөн башка айла таппайт.

Ал жерде жатып Асейин өзүн-өзү жемелейт. Ошол окуядан кийин документ маселелерине кылдат мамиле жасап, ишинин чачтан көптүгүнө карабай, так болууга аракет кылып калат. Мындан кийин ал бул ишке кылдат мамиле жасап, дос-тааныштарына дагы эскертип турат.

## Эң чоң жоготуу

Асейиндин эң жакын адамы атасы эле. Апасына караганда атасына көбүрөөк тартып, кичинекей кезинен эле жанынан чыкпай, болгон насаатын, нарктуу кебин, кайрымдуулугун көрүп өстү. Атасынын мүнөзү катаал болгону менен уулуна мээримин төгүп, эч качан жанынан алыстатчу эмес. Айылдын аркы четинде аш-той болобу, чуру-чуу түшкөн күрөш, ат чабыш болобу, бармактайынан ээрчитип барар эле.

Күндөрдүн биринде Асейин жумушта олтурган кезде анын телефонуна кат келет: "Асейин белди бекем буу, атаңдан айрылдың, баарыбыздын барар жерибиз ошол". Ал өз көзүнө ишенбей тура калып, кулакчыны (наушник) чече ыргытты дагы катты кайрадан караса, туура эле ушундай жазылып турат. Көз ачып жумганча заманасы куурулуп, көзү тунарыктайт. Көргөнүнө ишенбей, бир саамга катый түшүп, эшикти көздөй чуркап, апасына чалат:

- Апа! Эмне ушул чынбы?!

- Ооба, балам, ушундай болуп калды, ооруп жүргөн, сага кабар берели десек, "алыста жүргөн немени кур санаага салбай эле кой, жакшымын" деп болбой койгон... атаңдан айрылдык, айрылып калдык... - деп өкүрүп, жер чапчып ыйлайт.

Асейин эмне кыларын билбей, эч эле ишенгиси келбейт, "Мындай болушу мүмкүн эмес, мен буга ишенбейм, ооо Кудай, түш болуп калса экен!" деп өзү

менен бир топ күрөшөт. Апасы: “Тез жолго чык балам”, - дейт. Кымбаттыгына карабай эң алгачкы рейстен билет алып, Кыргызстанды көздөй учат. Кычаганда жол узарып, дүйнө кеңейип кеткендей сезилип, өпкөсү көөп, өз денесине өзү батпай эреркеп ыйлагысы келди.

Учак Бишкекке конору менен ошол замат такси кармап айылына жөнөйт. Такси канчалык катуу айдабасын, айылга жетүү ушунчалык азап болот. Жолдо баратып: "Жок атам өлгөн жок, алар мени айылга келтириш үчүн эле ушинтип айтышты" - деп өзүн-өзү сооротуп баратты. Үйүнө жетер замат короодо аны топ-топ чогулган кишилер өкүрүп, көңүл айтып тосуп алат. Аппак боз үй тигилип, ичинде аялдардын чыңырык менен кошок кошуп жаткан үнү угулуп турду.

Мына ошондо дагы ал атасынан чындап айрылып калганына ишенген жок, бирок өпкөсүнө батпай өрттөнүп өкүрө берди. Бир аз өзүнө келгенден кийин жанында турган туугандары боз үйдүн ичине Асейинди жетелеп киргизишти, сөөктүн башында турган таякеси капалуу карап: "Асейин, сабыр кыл, пендечилик турбайбы, кайраттан" - деп, ак кепинди ачат. Атасынын жүзү таштай муздак тартып, бирок нурга бөлөнүп турган болот. Асейин алаканын атасынын бетине коюп, бешенесин кармап, ошондо гана “атасыз жетим” калганын түшүнүп, өксүп-өксүп ыйлап, атасын кучактагысы келет. Бирок таякеси кучактоого болбостугун айтып, "көз жашыңды агызба" деп каршылык көрсөтөт. Асейинди сыртка

алып чыгууга аракет кылышат, бирок ал эч кимге моюн бербей, атасын уктап жатат деп элестетип, ойготууну ойлоп жулкунат. Бир саамда өзүнө келе түшкөн Асейин дал ушул учурлар анын көз алдында өмүр бою сакталып каларын беш колдой билип турду. Атасы менен коштошо албай калгандыгына, көзү тирүүсүндө жанында болбой калгандыгы үчүн өзүн-өзү такыр кечире албай, жемелей берет.

"Эмне үчүн атамдын жанында болбодум, мен атамдын оорудан көз жумусууна кантип жол бердим, эмнеге атам тирүү кезинде айтканын аткарып, төрүмдө сыйлай албадым, небере жытын жыттабай кетти" - деп улам-улам ушул суроону өзүнө берип, өкүнүп жатты.

Айылдагы эркектер бүт чогулушуп атасын акыркы сапарга узатышат. Асейин дагы деле дендароо абалда, эсин жыя албай, айланасындагыларга да көңүл буруууга жарабай жүрдү. Ал үчүн эми жашоо караңгыдай. Бир топ убакыт өзүнө келе албай жүрөт. Үйүнө көңүл айтууга келген элдин аягы үзүлбөй бир топ күн жүдөшөт. Бирок өлгөндүн артынан өлмөк жок эмеспи, Асейин жумушуна кетүүгө аргасыз болот.

## Москвага кайра кайтуу

Айнектей тунук үмүттөрү бырча-бырча сынат, ичи көңдөй сыяктуу бош, жашоого максаты, кызыгуусу калбай калат. Бөлүнүп кеткен кербен сыяктуу кайсыл жерден баштаарды, кантип жашаганды билбей башы маң болот. Турмуштун мааниси жоголгондой өзүнө келе албай, бир аптадай максатсыз гана сенделип жүрөт, ичкиси келет иче албайт, ойногусу келет ойноп кете албайт, анткени ушунча жылдын ичинде өзүн бекем дисциплинага көндүрүп, туура багытта жүргөн Асейин кааласа дагы кайгысын "ачуудан" чыгара албайт, себеби ичкилик менен оюндун арты жакшылык менен бүтпөстүгүн, алар бир гана жаман жыйынтыкка алып келерин билет. Жетекчилик Асейинди мындай абалда турганын көрүп, ага көңүл айтып:

- Сен мурдагыдан да күчтүү болушуң керек. Энекеңди ойло, сен мынтип турсаң энең кандай абалда болот? Өзүңө кел, жашоо ушундай ачуу-таттуулардан турат, - деп абдан таасирлүү мотивация берет. Үйүнө барган жетекчиси менен жубайы олтуруп кеңешишет:

- Ушундай мыкты бала абдан чөгүп кетиптир, кандай гана өкүнүчтүү. Жок, биз мынтип карап, кол куушуруп олтура албайбыз да. Асейинди чет өлкөгө эс алууга жиберели - деп чечишет.

Эртеси жетекчиси жубайы менен келип: "Бир аз өзүңө келип, эс алып алышың керек, биз сага чет өлкөгө жолдомо алып берели, сен биздин компаниябыз үчүн өтө көп иштерди жасадың, эми биз сага көмөктөшөлү", – деп, ага Малайзияга жолдомо алып берет.

## Малайзияга сапар

Асейин Москвадан түз учуп, Малайзияга сапар тартат. Эч нерсеге көңүлү чаппай, келери менен эле таксиге түшөт дагы мейманканага барып, күнү бою жатат, уктайт, китеп окуйт, өзүнө көп суроолорду берип, узак-узак сүйлөшөт. Такыр эле сыртка чыккысы келбейт, "өлгөндүн өзүнүн шору" дегендей, Асейин үчүн бул жоготуу өлчөмсүз трагедия болуп, апасынын кең дүйнөдө жалгыз калып калганына ишене албай, көөдөн-көкүрөгүн таш баскандай эле. Мындан кийин ал эч качан мурдагы калыбына келе албочудай, буга чейинки күч-кубаты кайтып келбей тургандай сезилди.

Малайзиянын көчөлөрүндө ызы-чуулуу турмуш дайымкыдай эле уланып жатты. Интернеттен "жакын адамыңды жоготсоң деле турмуш улана берет, жакының сени о дүйнөдөн көрүп кубанышы үчүн сен мындан ары эки эсе күчтүү болушуң керек" деген маанидеги видео көрөт. Атасы ага аркы дүйнөдөн ушул видеону жибергендей сезип, өзүнө-өзү "күчтүү болушум керек, турмуш уланат, атам менин турмуш куруп, балалуу-чакалуу болушумду кааламак" деп, ойлорун жаңылап, өзүнө келиш үчүн эртеси эртең менен таңкы беш-алтыларда туруп, муздак суу менен жуунуп-тазалынып, шаарды сейилдөөгө чыгат.

Малайзиянын көчөлөрүн аралап басып баратып, шаардын укмуштуудай тазалыгын, шуулдаган метронун добушун, ажайып кооз эгиз мунаралардын сүрүн, аралдардын кереметин байкайт. Түштөнүү үчүн кымбат

ресторанга баш багып, олтурган адамдардын өтө маданияттуулугун, бийик деңгээлин көрүп, “мен да ушундай бийиктикке жетишим керек, атам ар дайым мени коштоп, менин ийгилигиме жана кайгы-капама ортоктош болуп турат, анын ишенимин акташым керек”, - деп, өзүнө-өзү ченде жок дем берет.

Малайзияда бир нече күн эс алган Асейин ал жакта мурун таптакыр көрбөгөн укмуштуудай кооз жерлерди көрөт. Кымбат ресторандарда өзгөчө тамактардан даам сызат.Ал жактын эли, жерин көрүп, башка бир маданият менен таанышат.Айтор ал жактагы эс алуу чындыгында ага ушунчалык жакшы таасир берет. Бир топ өзүнө келип калган Асейин эс алуу бүткөн соң кайрадан Москвага жөнөп кетет.

## Mr. Asein кайрылып келди

Малайзияга болгон сапардан көп күч топтоп, жаңы идеялар, чыгармачылык эргүүлөр менен кайткан Асейин, турмушка башкача көз менен карап, эр жигиттик сапаты менен чымыркана офиске жыш энергиялуу кирип келет. Аны көргөн жетекчиси жана кесиптештери: “Сага бул эс алуу аябай жакшы жараптыр, эми кел иштейли, мындан ары дагы өзүңдүн мыкты деңгээлиңди көрсөтүшүң керек, сенин колуңан баары келген өтө талантуу, жөндөмдүү жигитсиң, алдыда көптөгөн проекттер, бүтүндөй бир чоң компания сени күтүп турат”, - деп тосуп алышат.

Эртеси күнү эле Асейинге канадалык белгилүү жазуучунун китептерин КМШга таратуу боюнча чоң проект тапшырылат. Тил билген тилмечтиги, менталитеттерди тааныгандыгына байланыштуу бул жумушту да катыра аткарып, мурдагыдай эле алкыш-мактоолорго татыйт. Ошентип мурдагыдай ийгиликтүү Mr. Asein кайрылып келип, эң мыкты даражада өз ишин улантат.

## Коделек Асейинди чанган Индира

Асейин менен Индира эки айрым жолго түшкөндөн бери Индира көп жигиттер менен таанышып, убакыт өткөрөт, бирок алардын баары өзүнө туура келбегендигин жакшы билчү. Кээ бири бай, бирөөсү бою узун, сулуу, башкасынын үйү, кымбат баалуу унаасы бар, төртүнчүсүн Индираны абдан жакшы көрөт, бирок колунда жок. Ошентсе да эч бирине чын дилден төгүлүп, өзүн арнай албай, бара-бара көңүлү чөгүп, жалгыз калгандыгын сезет. Көп сандагы жигиттер менен таанышканына карабай, анын жүрөгү бош болот, канткен менен аны Асейиндей эч ким сүйө албастыгын ойлоп, кыйнала берет. Бир күнү Индира өзүнүн курбусу менен сүйлөшүп калат:

- Индирка, Асейин сени сүйгөндөй башка эч ким сүйбөйт, сүйө албайт дагы, көрүп турасың го, канча жигит менен  тааныштың, бири дагы Асейиндей сени баалабайт, - дейт өкүнгөн үн менен.

- Туура. Асейин мага чын дилден ашык болгон турбайбы, ал мени карагандай али эч ким карай элек. Анын көзүнөн, сөзүнөн, мага кылган мамилесинен анын сезимдеринин аруу, тазалыгын байкачумун. Бирок олуттуу ойлонуп көрсөм, аны эмне кылмак элем:

- ✓ **Бою сакадай;**
- ✓ **Шаарда үйү жок;**
- ✓ **Машинасы жок;**
- ✓ **Ата-энеси айылда турат;**
- ✓ **Менчик ишканасы жок.**

- Анын үстүнө айылдагы лакап аты "Коделек" болчу экен, элестет, мен эмне айылдыктардын көзүнчө "Коделешка" болуп жүрмөк белем! - деп курбусу экөө каткырып күлүп калышат.

"Мага такыр эле башкача адам керек" деп Индира өзүн-өзү алдаганы менен Асейин жөнүндө көп ойлонот, ал менен өткөн күндөрүндө анын сезимдери бир башкача дүүлүгүп, жүрөгү алып уча соккондугун эстейт. Азыр көөнү байлыкка, бийликке, мансапка алданып жатты, бирок жүрөгү башка нерсени айтат. Ал ушул убакка чейин "Коделек Асейин" кандай ийгиликтерге жетти, кандай турмушта жашап жатат деп абдан кызыгып, анын социалдык тармактагы баракчаларын тымызын текшерип, көз салып жүрүп, Асейиндин кол жеткис ийгиликтерди багынтып жаткандыгын, өзгөргөнүн байкай баштайт. Күн өткөн сайын таң калуусу артып, ага кайтып барууну ойлоп, бирок кабыл албай коюшунан чоочулап, кылган ишине ичи ачыша өкүнүп жүрөт. Кайра ага барсам, мени кабыл алабы деген ойлор Индиранын мээсине кадалып туруп алды.

## Канадага болгон бизнес сапар

Mr. Asein документтерин тактап, бизнес сапары менен Канадага жөнөйт. Ал жакта Асейиндей күчтүү кадр менен иш алып баруу үчүн төрт ири компания күтүп турган болот. Анын мыкты дизайнерлик табити, англис жана орус тилдерин суудай сүйлөгөнү, буга кошумча киши-кара менен мамиле курганды абдан жакшы билгендиги компания үчүн маанилүү эле. Мындай келишимдер аларга болуп көрбөгөндөй пайда алып келе турган. Тез-тез бизнес сапарларга жөнөтүлө баштаган Асейин, өзү менен чындап сыймыктанып, "Ааламга кеткен жол айылдан башталат" деген сөздү эстеп, Кудайга жалына ыраазы болуп, жашоого чексиз дем күч алат.

Он үч сааттан ашык жол жүргөндөн кийин Торонтого келип конот. Аэропорттон чыкканда эле шаардын коoздугун, бийик имараттарды көрүп көзү жайнай түшөт. Шаарга суктанат, турмушка суктанат, эң башкысы жаратканга, ата-энесине ыраазы болуп, мактоо жаадырат. Асейин 5 жылдыздуу мейманканага келип, чемодандарын коюп, номерге жайгашаары менен эле Вотсап (WhatsApp) аркылуу Индира видеочалуу жиберет. Жооп бергиси келбей, эки ача ойдо калып, бирок кантсе дагы ал кызды өз учурунда абдан жакшы көргөн эмес беле. А азыр: жакшы көрөбү же көрбөйбү, сезимдери тирүүбү, өзү да билбейт. Бир саамга ойлонуп туруп, үнүн уккусу келди да, жооп берет. Индира Асейиндин башка жерде жүргөнүн байкап:

- Асейин, кандайсың? Сен Москвада эмессиңби, - деп сурайт.

- Кандайсың? Мен жакшы, Москвада эмесмин...

- А каяктасың?

- Башка шаарда жүрөм.

- Кайсыл жерде?

- Канадада, - деди Асейин өзүнүн кайдыгер жана суук сезимин билдирип.

- Эмне жумуштар менен жүрөсүң ал жакта? – деди үнү өзгөрүлө түшүп.

- Бизнес сапарына жеке жумуштарым менен келдим.

Индира абдан таң калып, ичинен өкүнүп: “Ушундай жакшы жигитти колумдан чыгарып алган турбаймынбы”, - деп шыбырап, бармагын тиштей ойго чөмүлөт. Ишенбеген түр менен:

- Сен чын эле Канададасыңбы? Мен ишенбей турам, көргөзсөң кана?, - дейт чын айтып жатабы деген таризде.

Асейин мейманканын көрүнүктүү жерлерин, шаарды кыдыра көрсөтөт. Индира анын аз убакытта ушундай даражага жеткенине, акылдуулугуна жана эмгекчилдигине таң калат. Канадада иш сапары бүткөн соң, Москвага кайтып келээри менен эле артынан түшүп, өзүнүкү кылып алууну ойлоно баштайт.

## Дүйнө тескери дагы айланат

Асейин Канадада абдан чоң ийгиликтерге жетишип, жадакалса жергиликтүү басылмаларга интервью дагы берген учурлары болот. Москвага жемиштүү кайтып келет. Төрт компаниянын арасынан эки компания менен келишим түзүп, алар менен кол алышып, келишимдин каражатынын жарым бөлүгүн Москвага банк аркылуу жиберген.

Бир күн өтүп-өтпөй жатып, Индира тынбай жазып, чалып, жолугушууга чакырып баштайт. Асейиндин убактысы жок экендигин айтып, баш тартып жүрөт, себеби көңүлү сууп, көргүсү деле келбей калган эле. Ага карабай Индира “Мага беш мүнөтүңдү бөлүп койчу, суранам, аябай жардамың керек болуп жатат” деген сыяктуу каттарды арты-артынан тынбай жаза берет.

## “Эки тоо көрүшпөйт...”

Асейин акыры жолугууга макулдук берет. Бирок бир жагынан ага болгон эски карт сезимдери ойгонуп кетээринен чоочулайт. Индира ар дайымкыдай жасалгалуу макияж, кымбат көйнөк, бийик такалуу бут кийим менен кирип келет. Алар ресторандан жолугуп, суук мамилесине карабай, Индира Асейиндин эки жүзүнөн болбой эле өөп коет. Тамак буюртма беришет, ичишет, олтурушат, кез-кезде сүйлөшкөн болгону менен сөздөн-сөз кура албай кыйналышат. Индиранын телефонуна ар заматта чалуу келе берет, бирок “Керексиз чалуу” деп, жооп бербей коет. Бир саамдан кийин Индира анын көздөрүнө карай кечирим сурап:

- Асейин, бир убактарда сени чанып кеткен элем, азыр ойлонуп көрсөм мен өтө чоң катачылык кылган экенмин. Ар бир адам катачылык кетирет, мени кечирип кой, мен анда жаш болуп көп нерсени билчү эмесмин, эми түшүнүп турам. Сен мага абдан ылайыктуу жар болчудайсың, - дейт.

Кыжыры келе көзүнүн чанагы кызара түшкөн Асейин:

- Сен эмне үчүн эми ойгондуң? Жүрөгүңдө сүйүүң эми пайда болдубу? Мен мындан ары сен үчүн дайынсыз бир “Коделек” болбой калдымбы, сага бою узун, үйлүү-жайлуу, бай бизнесмен керек эле го? Мени эмне кыласың? – дейт өткөндөгү жараларын канатып.

Асейиндин мындай сөзүнө Индира эмне деп жооп бергенди билбей, мукактана туруп калат. Асейин ого бетер ачууланып:

- Индира, сен эки жүздүүсүң, сага байлык, жыргал жашоо керек, менин эч кандай керегим жок сага, - деп шарт ордунан туруп, алып келинген тамагынан ооз тийгенче болбой ачууланып басып кетет.

Асейин Индиранын көзүнөн жылуу сезим, тунук сүйүүнү көрө алган жок. Мансабы, байлыгы, даражасы үчүн эле бирге болгусу келгенин ойлоп, аны жектеп, көзүнөн от чачырай ачууланып басып баратты. “Адамдар эмне үчүн мынчалык эки жүздүү, эмне үчүн байлыкка, бийликке азгырылып, тунук сезимдерди булгап салышат” деген ойлорду ойлоп, кейип, түн жамынып басып бара жатты.

## Жер тоголок эмес

Күндөр өтүп жатты. Мезгилди мезгил кууп отуруп, жаркыраган жаз да келди. Асейин арзан адамдарга өмүрүнүн кымбат убакытын кетирип жүргөнүн кеч сезгендиги үчүн ичтен сызып, кабагы бүркөө жүрдү. Жумуштан чыгып шаарда жөө сейилдөөнү көксөп, өзүнө балмуздак сатып алып, чурулдап ойногон балдарды көргөндө өзүнүн балалыгын эңсеп, кайрадан камы жок, оюнга тойбогон ошол таттуу ирмемдерге кайткысы келди.

Андан ары мезгил боегон жапжашыл керемет табиятка суктанып, сейилбакты аралап, адамдарга көз салды: тигинде папкасын көтөрүп бараткан, чачына ак түшкөн олуттуу киши тротуарда шашып кадам шилтейт, берирээкте сакалы ирээтсиз өскөн, эки күндөн бери дайындуу курсагы тое элек жигит көңүлсүз кайыр сурап олтурат, мына анын жанынан чыңыра телефондо сүйлөшүп кимдир бирөө менен тартышып, коляскадагы ымыркайынын ыйына көңүл бурбай жүдөгөн аял өтүп баратат. Асейин айланасындагы адамдардын ар түрдүүлүгү, статустарынын ар башка экендиги жөнүндө ойлоно берди.

Битцев токоюн аралап өтүп баратып мамыдагы кулактандырууда издөөгө алынган маньяктын сүрөтүнө көзү түштү. Ал ушул токойдо качып жүргөн имиш деген кабарлар байма-бай интернетте чоң талкууга алынып жаткан. Анткени менен элдин аягы үзүлбөй, велосипед тепкен жаштарды көп учуратууга болот.

Токойду аралап чыга бергенде чоң жолдун аркы тарабында үйлөр, андан ары көз чаптыра бергенде дүкөндөр, кинотеатрлар, сүрөт көргөзмөлөрүн учуратууга болот. Сейилбактын киреберишинде кичинекей сахна курулуп, анда арыкчырай, аппак кийинип, бети башын кара боек менен чекиттеп боеп алган бир киши бериле сүйлөп жатат:


- Кандай ойлойсуздар, Жер чын эле тоголокпу? А бирок аны сиз менен биз, же сиздин досуңуз Марска пикникке барганда сүрөткө тартып келген жок да. Анын сүрөтүн бизге саналуу гана организациялар гана көрсөткөн. Эми ойлонуп көрүңүзчү... – деп, дуулдаган элдин добушун эч укпаган немедей сахнадан бери түшүп, кичинекей столдун үстүндө турган бөтөлкөдөгү суудан ууртап алып, микрофонго жакындай сөзүн улантып кирди:

- Дүйнө жүзүндө авиаучактардын кырсыгынан улам көз жумган киши санына караганда, эшектердин айынан көз жумган адамдардын саны көбүрөөк экендигин билчү белеңиз? Американы Христофор Колумб ачкан деп ойлойсузбу? Бирок ага чейин деле саякатчылар ал жерге эчен жолу барышкан, аны коюңуз ал жерде Колумб сыяктууларга чейин эле адамдар ансыз деле жашап келишкен. Ошондо Американы ким ачкан деп ойлойсуз?

Эч ким шыбыр эткен үн чыгарбай, бул маектин акыры кандай жыйынтыкка алып бараарына кызыгып туруштү, алардын арасында, албетте, Асейин дагы бар эле.

- Мен сөзүмдүн аягында эмнени айткым келип турат? Биз, адамдар, маселенин башка тарабынан карап көрүүгө аракет кылышыбыз керек. Жогорку мисалдарды жакшылап ойлонуп көрүңүздөр дагы, жашоону башка бир ракурстан карап көрүңүз. А эң башкы маселе: Жер чын эле тоголокпу? – деп, сөзүн бүтүрдү да, сахнанын артына кирип кетти.

Асейин тизилип турган топ адамдардын арасынан суурулуп чыгып, үйүн көздөй ойлуу жөнөп кетти.



## Түркия элестери

Күндөрдүн биринде шашылыш иш сапары менен Түркияга барууга туура келип, таң эрте Шереметьево аэропорту аркылуу Стамбулга жөнөп кетет.

Аптанын аягында деңиз бойлоп таштак жана тар жолдордон басып жүрүп, жолдун четирээгинде майып абышка олтурган колясканын дөңгөлөктөрү ташка такалып, анын жанында улам түрткүлөп күчү жетпей, ыйлагыдай абалда болуп турган жылдыздуу кызды көрүп, шашып барып жардам берет. Адамгерчилигине ыраазы болгон ак сакалдуу абышка Асейинге чын дилден алкыш айтып, баш ийкей берет. Коляскананы айдаган кыз түрк тилинде:

- Çok teşekkür ederiz efendim! Siz olmasaydınız çok beklerdik, - деп Асейинге карай жылмая тиктейт.

Асейин анын ыйманы ысык жүзүнө, сыпаалыгына, айдай жамаланына көз үзбөй карап, бир аз акцент менен:

- Adınız ne? – деп сурайт.

- Adım Kurmancan.

Асейин катуу чоочугандай үркүп, уккан кулактарына ишенбей кайталап сурап жиберет:

- Ne?!

- Kurmancan, - дейт кыз ыңгайсыз абалда болуп.

- Кыргызсыңбы?!

Курманжан Түркияда картайган кишини карап иштеп жүргөн кыргыздын кызы экендигин угуп, Асейин таң калат, себеби анын өң-түспөлү жана тили дагы

кыргыздарга анчалык деле окшошпой турган. Деңиз бойлой сейилдеп, бир аз таанышып, мегаполис жөнүндө жардам сурайм деген шылтоо менен Асейин Курманжандын номерин жазып алат. Карыянын сейилдөө сааты аяктап, алар үйүн көздөй илкий басып жөнөп кетишет. А Асейин болсо алардын алыстаган караанын тиктеп кала берет.

Бир канча күн өтсө да анын көз алдынан баягы кыздын элеси кетпей туруп алат. Асейин өмүрүндө биринчи жолу мындай сезимге кабылгандыгы үчүн жүрөгү ойдолоп, бир башкача туйлай берди.

## Стамбулду тыңшоо

Апта аягында Асейин Стамбулдун жакшы жерлерин көрсөтүүсүн суранып, Курманжанга чалып, ой-боюна койбой суранат. Ак көңүл, дили таза кыз мекендешине убакытын бөлүп, шаарды көрсөтүүнү чечип, алгачкы жолу жолугушкан жерине келишет.

Асейин Курманжандын сөзүнө туруп, келип бергенине аябай ыраазы болуп, ыраазычылык айтат:

- Рахмат, бийкеч, мени жалгыз калтырбай келгениңизге. Кайсыл жактан баштайлы? Бул кереметтүү шаардын эң кооз жерлеринин бардыгын көргүм келет.

- Эч нерсе эмес. Сизге ыраазычылыгыбыз катары кабыл алыңыз, Аднан бей да сизге ыраазы болду. Кеттик анда, мен сизге Стамбулдун, а түгүл дүйнөнүн эң даамдуу "балык экмеги" (балык кошулган нан) менен сыйлайын.

Алар алгач деңиз жээгиндеги анча чоң эмес, бирок эл жыш болгон кафеден "балык экмек" жешет. Асейин чын эле абдан жактырып, эки-үчтү жейт. Андан соң кеме менен аркы жээкке өтүп, кадаиф, пахлава, лукум сыяктуу түрк таттууларынан ооз тийип, Кыз кулесинин кереметине суктана  канча жылдык тарыхы бар түрк кофесин ичишет.Деңиз жээгинде бир топ сүйлөшүп олтурушат.

Ошентип, алар дем алыш күнүн көңүлдүү өткөрүп, жылуу маектер, күлкүлүү тамашалар менен коштошушат. Асейиндин иш сапары бүтүп, кайрадан Москвага жөнөп кетет. Мындан ары Асейин Курманжанга көбүнесе интернет аркылуу жазып, ал-абалын сурап турат.

## Орундалбаган кыялдар

Курманжандын эң жакын курбусу Аксаамай дайынсыз жоголуп кетет. Бул өлкөдө андан башка Курманжандын жакыны жок эле. Муну Асейин экинчи жолу Түркия тарап каржылаган иш сапарына барганда угат.

Асейинге боор тартып, болгон-бүткөн окуяны айтып берип турат. Экөө бардык тааныш-билиштеринен көмөк сурап, мүмкүнчүлүгү жеткенче издешет. Бирок тилекке каршы, беш сутка дегенде курбусунун сөөгү табылат.

Аксаамай ошол эле шаарда карыган кемпирди карап, үй-бүлөсүнө акча жиберип жардам берген шайыр, айтканынан кайтпаган курч, Курманжандын кичине кезинен эле чогуу өскөн курбусу эле. Күндөрдүн биринде ага бир тааныш: "Ушинтип эле кемпир карап жүрө бермек белең? Карасаң мени майлуу-сүттүү жумуш таап, жыргап жүрөм, келсең боло, жардам берип, жол көрсөтөйүн" деп намыстантып коет. Бир канча апта бою ойлонуп жүрүп, "чын эле айтат, ушунча жыл кемпир багып иштедим деп айтмак белем" деген ой менен тааныштынын сунушуна макул болуп, жакшыраак жумушка ээ болуу үчүн иш көрүшүүсүнө барып, документтерин алып, эч кимге айтпай башка шаарга кете берет. Эгерде иши жакшы жүрүшүп кетсе Курманжанды дагы кошо чакыраарын ойлоп, азырынча кыжаалат кылбай эле коюуну чечип, эч кимге кабар бербейт.

Түн. Зуулдаган машина. Шаарга баратканда эле башка жолго кайрыла калып, аласалган машинанын багытын сезбей, кыска жолдон бараткан неме го деп бир ооз

сураган болуп, маани деле бербей түнката уйкусурап кете берет. Барган жеринде сөз кылынган заңгыраган имараттын, офистин бири жок, ээсиз калып кеткендей болгон чоң эски имаратка алып келип коюшат. Документтери эчак эле алынган эле. Шок болгон Аксаамай сыз жыттанган бул жатаканадан тажик, казак, жана башка улуттагы кыздарды көрүп, алданып калганын сезип, дарбазаны тосуп турган чымыр денелүү, калың сакалдуу кароолдор менен кыйкырыша кетип, "кое бергиле" деп чыңыра баштайт. Тынчтанбаган кыздын оозун жабыш үчүн бетине тарс чаап жиберип, эсин оодарып, суук бөлмөгө жаткырып коюшат.

Таңга жуук көзүн ачканда жанында темир табакта жагымсыз жыттанган күрүч, кайнатылган фасоль жана эки каткан нан турган. Аксаамай өзүнүн кордолгонун сезип, эки алаканы менен жүзүн жаап, эски дубалдарга жаңырыктата ыйлайт. Токтобой өкүрүп каршылык көрсөткөндүгү үчүн муну сатып алган киши келип:

- Жаагыңды басып, менин айтканымды ук, жакшы акча табасың! – деп ызырынат.

Бүт дүйнөдөн ирээнжип, маңдайына келген кишини кутурган иттей бырчалап салгысы келип турган Аксаамай:

- Жоголуп кет, даңгыттай болбой мага! Кое бер мени, полицияга арызданам, бүт өмүрүң бою өкүнөсүң, кое бер кеч боло электе!.. – деп тынымсыз чыңыра бергенинен чымыр денелүү жигиттер аны өлөөрчө сабап, эшикти бекитип, чыгып кетишет.

Аянычтуу тагдырга кабылган жапжаш кыздын төрөл-

гөндөн бери коштоп келе жаткан оор дарты күчөп, Кудай унутуп салган ээн бөлмөдөгү каңырсыган ары сыз, ары суз бөлмөдө өзүнүн намысынын, абийир-арынын оор жүгүнө чыдай албай аянычтуу көз жумат.

Кылмышкерлер көмгөн сөөктү беш сутка дегенде тапкан полиция кызматкерлери адам кулчулугун гүлдөтүп жаткан дагы бир кылмышкерлердин тобун жок кылышып, аргасыз адамдарды аянычтуу абалынан куткарышат. Жашоо ушундай кайдыгер, жакшы күндүн эсебине кээде малыңды, кээде жаныңды садага чабышың керек болот.

Курманжан ыйлап, эсин жоготот. Канча кыял, ой-тилектери күйүп күл болот.

- Иштеп, каражат тапкандан кийин мекенибизге чогуу кетебиз, элибиз-жерибиз бизге жылуу кучагын ачып тосуп алат, той өткөрүп турмуш курабыз деп кыялданчубуз, эми мынтип эч бири ишке ашпай калды, курбум, кечир мени, акылсыз, күчсүзмүн... – деп боздоп ыйлайт.

Бир канча күн өтөт. Курманжан даам татпай, суу ичпей, эси ооп жыгыла берип, денесинин баары көк ала болуп ооруп калат. Асейин сөөктү мекенине жеткирүү үчүн бардык документтерди даярдап, төлөмдөрүн берип, билет сатып алып, Курманжан менен кошо Кыргызстанга жөнөп кетишет.

Ата-эне үчүн баланы жоготуу – орду толгус трагедия. "Жүрөгүңдүн жарымын сууруп балаңа бересиң, а мерез дүйнө аны сенден тартып алат, кандай гана ташбоордук?" деп ойлонду Асейин көңүлү ооруп. Мындай

учурда боор этинин жансыз денесин үй-бүлөсүнө тапшырып берүү да оңойго турган жок. “Бул эмне үчүн мындай жыгач табытта келди?! Эмне үчүн туруп учурашып койбойт? Кечээ эле күлүп-жайнап “күйөө таап койгула, жакында барам деп жатпады беле, оо каралдым, кара көзүмдү кашайтып кеттиңби?” - деп өкүрүп, сөөгүн кучактап кала беришет.

Асейин Курманжандын кыйналып жаткандыгын абдан жакшы түшүнүп, сезип жатты, анткени ал жакын адамын жоготуу кандай кайгы, өкүнүч экенинин билет эле. Ошон үчүн анын көңүлүн бир аз да болсо көтөрүү үчүн сейил бакка чакырат.

Оор жоготууну башынан өткөргөн Курманжан Асейиндин ченемсиз көмөгүнө, ага болгон мээримне абдан ыраазы болот:

- Асейин, сен мыкты адамсың. Карачы, кандай чоң ийгиликтерди багындыргансың. Жашоодо сендей аракетчил адамды жолуктурган эмесмин.

-Жо-ок, Курманжан, мен мурда "НӨЛ" болчумун:

✓ Коркок;
✓ Тартынчаак;
✓ Жарытып тил билбеген;
✓ Баарынан кемсинтүү уккан;
✓ Өзүнө ишеними жок;
✓ Колунан эч нерсе келбеген;
✓ Башкалардан өзүн төмөн көргөн;
✓ Өзгөлөрдүн ой-пикирине көз каранды Асейин болчумун.

- Андай эмес, Асейин. Сен азыр жаңылышып жатасың. Сен эч качан нөл болгон эмессиң, себеби:

✓ Жарыкка келдиң;

✓Ата-энең сени алты саныңды аман, он эки мүчөңдү эсен кылып сени чоңойтту;

✓ Эч нерседен кем кылбай бакты;

✓ Мектепте окууң үчүн шарт түзүп берди;

✓ Сени Бишкекке жөнөтпөй деле койсо болмок да,- бирок антпеди, сенин өз келечегиңди куруууң үчүн сага ишенип, сени өз оюңа койду.

✓ Сени дайыма жаныңда колдоп жүрүштү, турмушта балдарына тарбия бермек түгүл, бакпай таштап кеткен ата-энелер дагы бар.

✓ Сенин мындай аракетчилдигиң кайдан келген дейсиң? Албетте, ата-энеңдин сага берген татыктуу тарбиясынан келген да, - деп экөө көпкө маектешип олтурушту.

Ал экөөнүн ортосунда жылуу, ажырагыс мамиле пайда болгон эле. Алар бири-бирин көз караштарынан түшүнүп жатышты. Анткени экөөнүн ойлору, турмушка болгон көз караштары деги эле окшоштуктары абдан көп эле. Алардын сөздөрү түгөнбөй, кайрадан эле маек уланып жатты. Курманжан Асейиндин адамгерчиликтүүлүгүн абдан баалап жана аны терең урматтайт.

Ошентип Асейиндин тарам-тарам жолдордон туташкан татаал турмушу - жогорку окуу жайга өтпөй калуусу менен башталган. Мындай ийгиликсиздиктен соң иштеп алдыга жылууну ойлоду да, алгач эски базарда жүк

ташыгыч болуп иштеп баштады. Бирде ач, бирде ток калып, көп кыйынчылык көрдү. Тигүү цехинде үтүкчү болуп иштеп, андан кийин чет өлкөгө барып сыз басмаканада кагаз ташып жумушун улантты. Бөтөн эл, бөтөн жерде жашоо улантуу, албетте, оңойго турган жок.Кандай гана кыйынчылык болбосун чыдап, ошол басмаканада өз ордун тапты. Чет жерде канчалаган азап-тозокту башынан өткөрдү, бирок "Москва көз жаштарга ишенбейт" дегендей, ал өзүнүн талыкпаган эмгеги, аракети, чынчылдыгы менен гана ийгиликке жетип, атын дүйнөгө угуза алды. Айтор, колунда эч нерсеси жок айылдык бала мына ушундай ийгиликке жете алды. Мындан ары дагы Асейин канчалаган Эвересттерди багындырып, дагы канчалаган Америкаларды ача алат.

А сенчи? Айылдык баланын колунан келген сенин колуңдан келбейт деп ойлойсуңбу? Же бирөөнүн сага келип жардам беришин күтүп жатасыңбы? "Эл эмне дейт" деп коркуп жүрөсүңбү? Өзүңдү башкалардан төмөн көрүп жатасыңбы? Жок, сен жаңылышасың. Кудай адамды ушунчалык уникалдуу кылып жаратkan, адамдын колунан баары келет. Эч качан жасай албайм дебе, дайыма алдыга умтул. Сен баарын жасай аласың! Сенин колуңдан баары келет. Жөн гана токтобостон изден жана эмгек кыл.

*( Уландысы бар...)*

## Автор жөнүндө

**Амина Мамытбекова** - "Тил Академиясы" окуу борборунун негиздөөчүлөрүнүн бири.

✓ 33 жашта.
✓ 6 тилде сүйлөйт.
✓ 3 баланын мээримдүү энеси.
✓ Ажарлуу жубай.
✓ Бишкек шаарындагы татуаж (каш жасоо) боюнча мыкты мастерлердин катарын толуктайт.

Китеп жазуунун негизги себеби: бизнестеги 14 жылдык иш тажрыйбасы менен бөлүшүп, жаштарга багыт көрсөтүү болуп саналат.

Башка тилдерде көп сандаган мотивациялык китептер бар. Биздин максат - кыргыз тилиндеги мотивациялык, пайдалуу китептердин санын көбөйтүү.

**Сатуу бөлүмү: 0702 61 80 62 Вотсап**
**Кошумча суроолор: 0702 61 80 62**

MEIRMANOV MIRLAN
graphic designer

Дизайнер: Меирманов Мирлан
тел.: 0702 96 93 91

Офсеттик кагаз
Форматы: 60х84, 1/16. Көлөмү: 10 басма табак.
Нускасы: 1000 даана

ЖЧК "АРИП-ПРЕСС" басмакана
Дареги: Бишкек ш., Абдрахманова көч., 208

1. Убакытты кантип туура пайдаланса болот?

2. Өзүңдү өзүң кантип өнүктүрө аласың?

3. «Эки тизгин, бир чылбырды» чогуу алып кетүүгө болобу? (Үй бүлө, карьера)

4. Каржы жаатында кантип көз карандысыз болууга болот?

5. Ийгиликти багындыруунун сырлары эмнеде?

6. Айылдан ааламга кантип жол алууга болот?

ДЕМӨӨРЧҮ

ТИЛ АКАДЕМИЯСЫ

amina_offfficial
@til_akademiyasy